Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби, 2025-жылдын 9-декабры

№97 (3754)

www.erkin-too.kg



# Жол кеңейтилип, мыйзамсыз курулуштар бузулат

Социалдык тармактарда Чүй проспектисиндеги соода борборлорунун жанына курулуп жаткан соода түйүндөр, унаа токтотуучу жайлар жана аялдамалар жолго чыгып кеткендиги боюнча кызуу талкуулар жүргөн. Мындан улам Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары – УКМК жетекчиси Камчыбек Ташиев Президент Садыр Жапаровдун тапшырмасынын негизинде Бишкек шаарынын Чүй проспектисинде жүргүзүлүп жаткан курулуш иштеринин абалы менен жеринен таанышты.

Алгач УКМК төрагасы Камчыбек Ташиев коомчулукта кызуу талкууга алынып жаткан жолдун тарышы боюнча маселени кабыргасынан коюп, кемчилик тез арада калыбына келтирилиши керектигин баса белгиледи.

“Шаардыктардын наразычылыгына байланыштуу урматтуу Президентибиз Садыр Жапаров мага тапшырма берип: "Эгерде долбоор кайсы бир адамдын жеке кызыкчылыгына ылайык түзүлүп, элдин пикири эске алынбай калган болсо, баарын өз ордуна келтиргиле” деп жөнөттү. Эгер долбоордогу айрым жагдайлар бузулган болсо, ага чара көрүү керектигин айтты. Ошондуктан маселени жеке көзөмөлүмө алдым. Долбоор боюнча жолдун туурасы 20 метр болушу керек болчу, бирок учурда 16 метр болуп калган. Тактап айтканда, 4 метрге тарып кеткен. Долбоор башында кандай болсо, ошондой аткарылышы керек. Ошондуктан, жолдогу чөнтөкчөлөрдү алып салгыла. Ж.Абдрахманов көчөсүнөн Д.Шопоков көчөсүнө чейинки жол түптүз, бир калыпта болушу керек. Эч кандай чөнтөкчө болбошу зарыл. Абдрахмановдон кандай кирсе, дал ошондой абалда Шопоковго чейин чыгышы керек” деди К.Ташиев.

Натыйжада УКМК төрагасы жолго чыгып кеткен курулмаларды тезинен жокко чыгарып, шаардагы транспорттук кыймылга маанилүү болгон жол тилкесин өз калыбына келтирип, элге ыңгайлуу шарт түзүп берүү боюнча Курулуш министрлигине, шаар мэрине жана тиешелүү тараптарга тапшырмаларды берди. Өз кезегинде курулуш компаниясынын жетекчиси жолду калыбына келтирип, инфраструктуралык абалды жөнгө салуу боюнча милдеттемелерди аткарууга убада берди. Ошентип, “Old Bishkek” долбоорунун негизинде жүрүп жаткан реконструкция иштерине байланыштуу “Айчүрөк” соода борборунун жанындагы жол тарытылбай турган болду.

Экинчиси, социалдык түйүндөрдө кеңири талкууланып, элдин наразычылыгын жараткан “Айчүрөк” соода түйүнүнүн жанындагы үч кабаттуу имарат тууралуу болду. Көрсө, ал башында эки кабат деп долбоорлонгон экен. Камчыбек Ташиев аны да тактап чыгып, мындай өзүм билемдикке жол берилбеши керектигин билдирди.

“Эмне үчүн башында 2 кабат деп бекитилген имарат иш жүзүндө 3 кабат болуп калды? Ар кандай жүйөлөр менен кошумча кабат куруп койгонсуңар. Эгер чечимде 2 кабаттуу деп белгиленген болсо – ошол бойдон калсын. Үчүнчү кабатты бузгула” деди. Долбоордун негиздөөчүсү Нариман Түлеев курулуп калган үчүнчү кабатты сактаганга аракеттенип, бирок майнап чыгарта албады. Генерал элдин пикирин эске салып, "Үчүнчү кабаты бузулсун" деп кесе айтты. Ошентип, экинчи маселеге чекит коюлду.

Андан кийин “Айчүрөк” соода үйүнүн алдындагы фонтандар боюнча сурап: “Фонтан мурда болгон. Азыр да болушу керек. Эл эс ала турган, сейилдей турган аянттар сакталышы зарыл. Долбоордо эмне көрсөтүлгөн болсо – толук аткарылышы керек” деди Ташиев. Ал өз сөзүндө айтылган сынга кулак түрүү маанилүү экенин баса белгилеп, эл сын айтпаса, долбоорлор өзүмбилемдик менен ар кимдин каалоосуна жараша ишке ашып кетиши мүмкүн экенин белгиледи. Иштин баары долбоор менен жүргүзүлүшүн шаар мэри А.Жунушалиевге эскертип, тыкыр көзөмөлдөп турушу керектигин тапшырды.

Элдин наразычылыгын жана Мамлекет башчыларынын талаптарын эске алуу менен “Old Bishkek” долбоору кайра караларын Нариман Түлеев билдирип: “УКМК төрагасы Камчыбек Ташиев “Долбоордо белгиленген айрым жагдайлар өзгөртүлүп кетиптир, кайрадан карап чыккыла” деп айтты. Анын ичинде имараттагы үчүнчү кабатты алып салуу, жолдун туурасын кеңейтүү сыяктуу маселелер бар. Бул талаптардын бардыгы аткарылат, тиешелүү оңдоолор жүргүзүлөт. Бизден ката кеткен болсо, кечирим сурайбыз. Элдин пикири биз үчүн маанилүү. Ошондуктан долбоор кайра иштелип чыгат. Жол эки тараптан үчтөн тилке болуп, жалпы алты тилкелүү болуп жасалат. Эгерде аба ырайы жакшы болсо, жол быйыл бүткөрүлөт. Болбосо, курулуш келерки жылга жылдырылат. Бирок, жолду ачып турабыз. 12-декабрда жол ачылат” деди.

**"Эркин-Тоо" пресс**

## БУЛ САНДА:



ДОСААФтын ТАГДЫРЫ КАНДАЙ БОЛООР ЭКЕН?

7-БЕТТЕ



АТАБЕК ЖУМАЛИЕВ:

“ЖАШ КАДРЛАРГА БОЛГОН МУКТАЖДЫК ЧЕЧИЛИП, ТУУРА ЖОЛГО КОЮЛУУГА ТИЙИШ”

8-9-БЕТТЕ

"Эркин-Тоо"

*гезитине 2026-жылдын 1-жарым жылдыгына жазылууну унутпаңыз!*

**Гезитке жазылуу баасы почта кызматын кошкондо 6 айга:**
***которуу жолу жана накталай төлөө жолу менен – 2115 сом 60 тыйын***
**Индекс: 68451**

**КРнын Нормативдик акты журналына жазылуу баасы 6 айга:**
***которуу жолу жана накталай төлөө жолу менен – 4135 сом 80 тыйын***
**Индекс: 77347**

**Жазылуу бардык почта түйүндөрүндө жүргүзүлүп жатат**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

20 ЖЫЛДАН КИЙИН

# КЫРГЫЗСТАН–ПАКИСТАН АЛАКАСЫНЫН ЖАҢЫ БАГЫТТАРЫ

***Өткөн жумада, тагырагы 3-4-декабрда Президент Садыр Жапаров Пакистан Ислам Республикасына мамлекеттик сапар менен барып, өлкөбүздүн кадырын арттырган бир катар маанилүү иштерди бүтүрүп кайтты. Тактап айтсак, дээрлик 20 жылдай солгундаган мамилени жандантып, Кыргызстан–Пакистан кызматташтыгын жаңы деңгээлге чыгарып келди.***

Белгилей кетсек, Кыргызстан менен Пакистандын ортосунда дипломатиялык мамилелер мындан 33 жыл мурда, 1992-жылдын 10-майында түзүлгөн. Кыргызстандын Президентинин Пакистанга акыркы расмий сапары 2005-жылы болгон. 20 жыл өткөндөн кийин эки мамлекеттин кызматташтыгы кайрадан жаңы деңгээлге чыгып, Садыр Жапаров сапар менен барды. Бул сапар эки мамлекеттин кызматташтыгын арттырууга өбөлгө түзүп, ынтымагыбызды арттырганы турат. Анткени, ортобузда ишке ашып жаткан ири долбоорлор бар. Ошондой эле Кыргызстан менен Пакистан Бириккен Улуттар Уюму, Шанхай кызматташтык уюму, Ислам кызматташтык уюму жана Экономикалык кызматташтык уюму сыяктуу эл аралык аянтчалардын алкагында кызматташып келет.

Биздин өлкөгө болгон эң чоң сый-урмат барган күнү эле байкалды. Садыр Жапаров аэропортко конору менен Пакистандын Президенти Асиф Али Зардари менен Премьер-министри Шахбаз Шариф биргеликте тосуп алды. Мындай жагымдуу көрүнүш бизди да, эл аралык коомчулукту да таң калтырды. Негизи, өлкө башчысы менен өкмөт жетекчиси меймандды аба майдандан чогуу тосуп алганы эл аралык аренада чанда гана кездешет. Жогорку сый-урмат көрсөтүлгөн жерде гана билинет.

Сапардын жүрүшүнө азыноолак токтоло кетсек, биринчи күнүндө Мамлекет Башчысы Исламабад шаарындагы Аэрокосмостук илим жана технологиялар боюнча улуттук парктагы (NASTP) аскердик көргөзмө менен таанышты. NASTP авиация, космос, IT жана киберкоопсуздук тармактарында изилдөөлөрдү, долбоорлоону жана инновацияларды өнүктүрүү үчүн мамлекеттик структуралары, илимий мекемелерди жана өнөр жайды бириктирген заманбап платформа болуп саналат.

Сапардын экинчи күнүндө Садыр Жапаров Пакистандын Премьер-министри



Шахбаз Шариф менен тар жана кеңейтилген форматта сүйлөшүүлөрдү жүргүздү. Тараптар саясий, соода-экономикалык жана транспорттук-логистикалык тармактарда эки жактуу кызматташтыкты андан ары өнүктүрүүгө, ошондой эле энергетика, инфраструктура жана маданий-гуманитардык өз ара аракеттенүү жаатында биргелешкен долбоорлорду илгерилетүүгө тиешелүү маселелердин кеңири чөйрөсүн талкуулашты. Андан соң экономика, деңиз портторун пайдалануу, билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, айыл чарба, туризм, энергетика, юстиция жана укуктук маселелер тармактарында кызматташтыкты кеңейтүү жаатында кол коюлган документтерди алмашуу аземи болду. Ошол эле күнү Садыр Жапаров менен Шахбаз Шариф Кыргызстан менен Пакистандын ортосундагы Инвестициялык диалогго катышты. Бизнес-форумдун катышуучуларына Кыргызстандын инвестициялык мүмкүнчүлүктөрүн ачып берген толук маалымат берилди, Пакистан менен соода-экономикалык жана инвестициялык кызматташтыкты кеңейтүү келечегине өзгөчө көңүл бурулду.

Эки өлкө ортосундагы соода-сатык жаман эмес. Экономика министрлигинин маалыматына ылайык, 2024-жылы Кыргызстандын Пакистан менен соода жүгүртүүсү 16,1 млн долларды түзгөн. Анын 14,2 миллиону импорт, 1,9 млн доллары экспорт болгон. Ал эми 2025-жылдын январь-сентябрында эки өлкөнүн өз ара соодасынын көлөмү 13 млн долларга жеткен. Анын ичинде импорт 11,9 млн, экспорт 1,1 млн долларды түзгөн. Буга чейин орто мөөнөттүү келечекте товар жүгүртүүнү 500 млн долларга жеткирүү сунушталган.

2020–2024-жылдар аралыгында Кыргызстандын Пакистан менен товар жүгүртүүсү 2,3 эсеге өскөнү менен Пакистан Кыргызстандын жалпы товар жүгүртүүсүндө аз көлөмдү ээлейт. 2024-жылы болгону 0,09% болсо, ушул жылдын январь-сентябрында 0,12%ды түзгөн. Расмий маалымат боюнча, Пакистандан Кыргызстанга чет өлкөлүк түз инвестициялардын негизги бөлүгү дүң жана чекене соодага, ошондой эле банк тармагына туура келет. Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин маалыматына ылайык, акыркы 5 жылда Пакистандан Кыргызстанга түз чет элдик инвестициялардын келиши оң динамиканы көрсөттү. 2020 – 2 млн доллар, 2021 – 1,2 млн доллар, 2022 – 4,4 млн доллар, 2023 – 6,9 млн доллар, 2024-жылы – 4,6 млн доллар болду.

Эске сала кетсек, Пакистандан Кыргызстанга фармацевтика, кийим-кече, териден жасалган буюмдар, спорттук шаймандар, транспорт каражаттары, айыл чарба продукциялары (картошка, күрүч, чай, цитрус жемиштери) импорттолот. Ал эми Кыргызстандан Пакистанга фасоль, эт консервалары, авиакеросин, дары-дармек, иштетилген тери, мониторлор, проекторлор, учак тетиктери экспорттолот. Артыкчылыктуу багыттарды камтыган тармактардын катарына энергетика кирет. Эң башында CASA-1000 долбоору турат. Анын алкагында Афганистан, Пакистан өлкөлөрүнө электр энергиясын экспорттоого чоң мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ошондой эле аймактын транзиттик потенциалын "Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан" магистралы да бекемдемекчи. Айтор, келечектеги кызматташтыгыбыздын келечеги чоң, биз аны ынтымак менен ырашкерликте ишке ашырышыбыз зарыл.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

КУРУЛТАЙ – 2025

**Улуттук госпиталдын жогорку даражадагы нейрохирург дарыгери, Курултайдын эки жолку делегаты Дөөлөс МУРАТОВ:**

# “КУРУЛТАЙ ТАЛАП КЫЛУУЧУ ЭЛЕ ЭМЕС, ИДЕЯ БЕРҮҮЧҮ ОРГАН ДА БОЛУШУ КЕРЕК”

**- Дөөлөс Муратович, сиз Курултайга катышып, активдүүлүк көрсөтүп, саламаттык сактоо тармагында көйгөйлүү маселелерди көтөрүп жүрөсүз. Кезектеги Курултайга да делегат болуп шайланыпсыз. Бул жолку жыйынды жакшыртуу, натыйжалуу кылуу үчүн кандай сунуштарыңыз бар?**

- Мен III жыйынга катышкам. Быйыл да делегат болуп шайландым. Негизинен саламаттык сактоо тармагындагы маселелер боюнча кайрылуу жасап, аларды чечүү жолдорун сунуштап жүрөм. Миң уккандан бир көргөн жакшы демекчи, Курултайга катышкандан кийин чындыгында аны кантип натыйжалуу кылуу керек деген суроонун үстүндө ойлонбой койбой экенсиң. Бул институтту натыйжалуу жана маанилүү кылуу үчүн биринчиден татыктуу инсандарды делегат кылып шайлоо керек. Алардын мыкты идеяларын, долбоорлорун, сунуштарын ишке ашыруу кажет. Жыйында делегаттарга 3 мүнөт убакыт берилет. Ушул убакытта айтылган сөздү угуп гана койбостон, алардын идеяларынын эң мыктыларын тандоо зарыл. Иш группасын түзүп, элдин арасында такшалган, пайдалуу долбоорлорду көрсөткөн инсандарды топтоп, Жогорку Кеңеш сыяктуу кылып жакшы сунуштардын үстүндө бир жыл бою иштесек жакшы жыйынтыктар болот деген оюмун. Мисалы мен иштеп берүүгө даярмын. Саламаттык сактоо системасына реформа жасоо боюнча көп идеяларым бар.

**- Буга чейин кандай жумуштар аткарылды? Сарсеп салып көрдүңүз беле?**

- Мен Чоң-Арык МТУдан делегат болуп шайлангам. Биздин бейтапкананын абалы өтө начар болчу. Андыктан жаңы имарат салуу боюнча сунуш киргизгем. Суранычыбыз аткарылып, 2 бейтапкана, бала бакча, мектеп салынды. Андан сырткары ички жолдор жасалды.

**- Курултай институту канчалык деңгээлде маанилүү деп ойлойсуз?**

- Бул элдик жыйын өтө маанилүү. Калк арасында айтылбай жаткан көйгөйлөрдү ачыкка чыгарат. Кыргызстандын чар тарабынан келген активисттер сын айтып, көйгөйлөр бетке айтылып, талкуу болот. Эл үчүн жасалып жаткан иштер үчүн ыраазычылыктар айтылат. Бирок, эки күндүк Курултай аздык кылууда. Эки күндүн ичинде ар бир делегат 3 мүнөттөн сүйлөйт. Анын жарымы сапаттуу сүйлөсө, калганы жөн гана убакытты алат. Өзүңүз билесиз, ар бир делегаттын сүйлөө манерасы ар кандай болот. Кээ бирөөлөр оюн жеткире айталбай калат. Ошондой учурларда убакыт текке кетпеш үчүн долбоорлорду жазуу түрүндө алып келүү жакшыраак го деймин. Анан да ар бир облустан саналуу жакшы иште-



ген адамдарды чогултуп, Президент алар менен такай иштеп турса жакшы болмок. Ал адамдарга Курултайдын мандаты берилсе, жумуш тынымсыз жүрүп турар эле.

**- Делегаттарды тандоо иштерине наразы болгондор бар. Сиз бул пикирге кошуласызбы?**

- Эл тараза – эл сынчы. Курултайга чынында жети дубандан ар түрдүү адамдар келет. Арасында билими бары, жогу да бар дегендей. Анткени менен аларды эл тандап жөнөтөт. Башкы көйгөй, ошол делегаттардын трибунага чыгып алып, өтө майда маселелерди көтөрүп жаткандыгында. Кыргыз элине жардам бере турган сунуштарды, алардын чечимдерин айткандар аз. Курултай талап кылуучу эмес, идея берүүчү орган болушу керек. Жыйында кайсы министрлик, жергиликтүү орган иштебей жаткандыгы ачык айтылышы керек. Ошондо иш алга жылат.

**- Саламаттык сактоо тармагындагы маселелерди чечүүнүн кандай жолдорун сунуштайсыз?**

- Саламаттык сактоо тармагында реформа жасоо үчүн кадрларды алмаштыруу зарыл. Азыр жеке менчик клиникалар алдыда. Биз мамлекеттик клиникаларга басым жасап, элдин түйшүгүн жеңилдетишибиз шарт. Алгач багыттама (“направление”) деген кагазды жоюшубуз керек. Бул маселени тармакты санариптештирүү гана чечет деп ойлойм. Мен мурдагы Курултайда сунуштарымды айткам. Бирок 3 мүнөт аздык кылган. Ошондуктан эгер делегаттын ойлору маанилүү болсо, сөздү беш мүнөткө чейин берүү керек деген сунушту киргизер элем. Саламаттык сактоо тармагын жакшыртуу боюнча чындыгында көп сунуштарым бар.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**




## БЮДЖЕТ 1,1 трлн СОМДОН АШАТ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Министрлер Кабинетинин кезектеги жыйынын өткөрүп, анда бир катар актуалдуу маселелер каралды.

"Бүгүн биз 2025-жылга консолидацияланган бюджетти карап жатып, бюджеттин көлөмү 1,1 триллион сомдон ашканын расмий түрдө жарыялайбыз жана 2025-жылы – триллиондук тарыхый чекти басканыбызды белгилейм. Бекитилген консолидацияланган бюджет 708,8 млрд сом болчу, азыр – 381,7 млрд сомго өсүү же 153,8%га көбөйүү менен жылды жыйынтыктаганы жатабыз. Киреше жана чыгашаларды эсептегенден кийин 10 млрд сомдон ашык профицит менен бул жылга чыгабыз" деп белгиледи Адылбек Касымалиев.

Эске салсак, үстүбүздөгү жылдын 10 айында ИДПнын өсүшү 10%ды түздү. Эл аралык валюта фондунун маалыматы боюнча 2024-жылы Кыргызстан ИДПнын реалдуу өсүү темпи боюнча дүйнөдөгү алдыңкы 3 өлкөнүн катарына кирди, буга чейин 9% өсүү темпи менен алдыңкы 5 өлкөнүн катарына кирген. Бюджеттик мыйзамда бекитилген ИДПнын көлөмү 1 трлн 624 млрд сом болсо, он айдын жыйынтыгы боюнча 1 трлн 427 млрд 359 млн сомду түздү. Ал эми жылдын аягына чейин 1 трлн 779 млрд сомду түзөт деп божомолдонду же бекитилгенден 155,6 млрд сомго көп болот.

## РУХАНИЙ ЖАНА УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАРДЫ ЖАЙЫЛТУУНУН НЕГИЗГИ КУРАЛЫ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Радио жана телекөрсөтүү кызматкерлеринин күнү менен куттуктап, өлкөбүздө эң биринчи радиоуктуруу 94 жыл мурда обого чыкканын, алгачкы телекөрсөтүүнүн чыкканына 67 жыл толгонун айтты.

"Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу кызматкерлери мамлекеттик биримдикти бекемдөөгө, коомдогу жарандык тынчтыкты жана ынтымакты сактоого, ошондой эле калкты объективдүү, ишенимдүү жана ар тараптуу маалымат менен камсыз кылууга олуттуу салым кошууда. Өткөн мезгилде көптөгөн көрүнүктүү жетишкендиктер болду. Материалдык-техникалык база чыңдалып, заманбап техникалар менен жабдууланып, көрүүчүлөргө жана угуучуларга жогорку стандарттагы берүүлөр сунушталууда. Өзгөчө дүйнөлүк жаңылыктарды, саясий, спорттук жана башка телеберүүлөрдү мамлекеттик тилде чагылдырууда кыйла прогресс байкалат.

Алдыда турган милдеттерди аткарууда жогорку деңгээлдеги кесипкөйлүк, жоопкерчилик жана чыгармачылык мамиле менен киришесиздер деп күтөбүз. Кыргыз Республикасын 2030-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасын, 2026-жылы боло турган Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын, убагында Чыңгыз Айтматов баштап кеткен Ысык-Көл эл аралык форумун жана мамлекетибизде болуп жаткан маанилүү окуяларды элибизге жана чет өлкөлөргө жеткирүүдө сиздердин потенциал жетиштүү болот деген ишенимди билдирем" деди А.Касымалиев.




## ЕЭК КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫ ӨТТҮ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Данияр Амангелдиев Евразия экономикалык комиссиясынын (ЕЭК) Кеңешинин видео байланыш ыкмасында өткөн жыйынына катышты.

Отурумдун жүрүшүндө ЕЭК Кеңеши Евразия экономикалык биримдигинин алкагында товарлардын электрондук соодасы жөнүндө макулдашуунун долбоорун жактырды. Макулдашуу Евразия экономикалык биримдигинин (ЕАЭБ) алкагында өз ара электрондук соодаӊы камсыздоого, өз ара электрондук сооданын катышуучуларынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоого, алардын ортосундагы өз ара аракеттенүү эрежелерин аныктоого багытталган.

ЕЭК Кеңеши ошондой эле электрондук соода товарларынын айрым категорияларын кошпогондо, жеке жактар тарабынан сатып алынган электрондук товарларга бирдиктүү бажы алымдарынын ставкаларын мындай товарлардын наркынын 5 пайызында, бирок 1 кг үчүн 1 евродон кем эмес өлчөмдө белгиледи. Мындан сырткары, тамак-аш продуктуларынын, парфюмериялык жана косметикалык буюмдардын, жеке гигиеналык буюмдардын, тиричилик химиясынын айрым түрлөрүнө маркировкалоону киргизүү жөнүндө чечим кабыл алынды.

## БАКУДАГЫ ЖЕМИШТҮҮ ЖОЛУГУШУУ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаевди Кыргызстан менен Азербайжандын ортосундагы экономикалык жана гуманитардык кызматташтык боюнча өкмөттөр аралык комиссиянын кезектеги жыйынынын алкагында Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев кабыл алды.

МинКаб Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун саламын Президент Ильхам Алиевге жеткирип, ал акыркы жылдары эки тараптуу мамилелерди сапаттык жактан жаңы, стратегиялык деңгээлге чыгарууга мүмкүндүк берген жогорку деңгээлдеги ишенимдүү диалогдун өзгөчө ролун белгиледи.

Сүйлөшүүнүн жүрүшүндө тараптар энергетика, транспорт жана логистика, өз ара инвестиция, билим берүү, гуманитардык алмашуу жана айыл чарба тармагындагы кызматташтыкты тереңдетүүнүн келечегин талкуулашты.



## КҮЗДҮК АЙДООГО КӨҢҮЛ БУРУУ ЗАРЫЛ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары – Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министри Бакыт Төрөбаев дыйкандарды жана фермерлерди күздүк талаа жумуштарына өзгөчө көңүл бурууга чакырды.

Министрдин айтымында, өлкөдө 1 млн 250 миң гектар айдоо жер бар, анын 800 миң гектары – сугат, 400 миң гектары – кайракы жерлер. Бирок, учурда күзгө карата жүргүзүлө турган иштер өтө жай жүрүүдө. Жазында жаан-чачын аз болуп, кышкысын кар да аз жаап калышы ыктымал. Мындай учурда суу тартыштыгы күчөйт. Андыктан дыйкандар өзгөчө кайракы жерлерде ным топтоо, тоңдурма айдоо, майда арыктар аркылуу сууну кармоо иштерин тездетиши керек.

"Урматтуу дыйкандар! Күздүк талаа жумуштарына жакшылап көңүл бургула! Эртең кеч болуп калышы мүмкүн. Кыштагы ным – жаздагы түшүм" деди Б.Төрөбаев.

**Зулпукаар САПАНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

МАНДАТ АЛГАНДАР ШАШЫЛГЫЛА!

# МЫЙЗАМ БУЗУУ ФАКТЫЛАРЫНА УКУКТУК БАА БЕРИЛЕТ

***Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан парламенттик шайлоо учурундагы мыйзам бузуулар териштирилип, чечимдер кабыл алынууда. Буга чейин массалык мыйзам бузуу аныкталган №13 округда шайлоонун жыйынтыгы толугу менен жокко чыгарылып, кайра шайлоо дайындалган. Эң көп добуш чогултуп мандат ала турган үч талапкер четтетилип, аталган округдан шайлоого катышкан мурдагы талапкерлер кийинки жарышка катыша албай турган болду.***

Үч күн мурун Борбордук шайлоо комиссиясы №13 көп мандаттуу шайлоо округундагы айрым участкалык шайлоо комиссияларынын төрагаларынын жоопкерчилигин карады. Натыйжада Ноокен жана Майлуу-Суу аймактык шайлоо комиссияларына 35 участкалык шайлоо комиссияларынын төрагаларын курамдан чыгарууну сунуштады. 5 календардык күндүн ичинде жаңы төрагаларды шайлоону уюштуруу тапшырылды. БШКга келип түшкөн арыздарды текшерүү аныктагандай, байкоочу катары катталган талапкерлердин өкүлдөрү №13 шайлоо округдун 35 шайлоо участогунда мыйзамсыз түрдө камераларды орнотуп, шайлоочулардын добуш берүүсүн көзөмөлдөшкөн. Бул добуш берүүнүн купуялуулук жана шайлоочулардын эркин билдирүү принцибине каршы келген. Ушуга байланыштуу КР БШКсы 2025-жылдын 3-декабрында №13 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча шайлоонун натыйжасын анык эмес деп тааныган. 35 участкалык шайлоо комиссияларынын төрагалары жогоруда айтылган мыйзам бузуулардын болушуна жол бербөө үчүн чара көрүшкөн эмес, ал шайлоону жокко чыгаруу чечимин кабыл алууга негиз болду.

Баарыбыз билгендей, бийлик шайлоону таза өткөрүү зарылдыгын эскертип, талапкерлерге добуш сатып албоону, ал эми шайлоочулардан добуш сатпоону катуу талап кылды. Президент өзү бир нече ирет кайрылып, добушту сатпагыла деп улам айтып



жатты. Шайлоонун жүрүшүн жеке өзү көзөмөлдөй турганын эскертип, эгер мыйзам бузуу фактылары катталса, ошол шайлоо тилкесиндеги добуш берүүнүн жыйынтыгы жокко чыгарылаарын белгилеген. Тилекке каршы, эскертүүлөргө карабастан, шайлоо учурунда добуш сатып алуу маселесинде бир топ мыйзам бузуулар орун алып, видео фактылар катталды. Эң көп мыйзам бузуу аныкталган №13 округда шайлоо жокко чыгарылып, жогоруда белгиленгендей кайра шайлоо дайындалды.

Учурда башка аймактарда дагы мыйзам бузуулар, добуш сатып алмайлар болгону айтылып жатат. Ар кандай далилдер тиркелген видеолор социалдык түйүндөрдө жарыяланууда. Мындай фактылар коомчулуктун наразылыгын жаратып, шайлоонун таза өткөнүнө көлөкө түшүрүүдө. Мына ушундай калпыстыктын дагы бири №8 округдун №5249 шайлоо тилкесинде болгонун Президенттик администрациянын Маалыматтык саясат кызматынын башчысы Дайырбек Орунбеков билдирип, анда пачкалап акча таратып жаткандарды видеого тартып алышканын жазды. Бул окуядан кийин Аймактык шайлоо комиссиясы №8 округдагы №5249 жана №5514 шайлоо тилкелеринин жыйынтыгын жокко чыгарган чечим кабыл алганын да кошумчалап, бардык мыйзам бузуу фактыларына мыйзам чегинде укуктук баа берилерин эскертти.

"Мыйзам бузуу фактылары боюнча Ички иштер министрлиги тиешелүү материалдарды каттап, алардын негизинде иш жүргүзүп жатат. Аларга дагы мыйзам чегинде укуктук баа берилет. Интернетте жарыяланган фактылардан тышкары, Ички иштер министрлигине келип түшкөн башка фактылар, материалдар бар. Шайлоо комиссиясынын чечимине ылайык, айрым шайлоо тилкелеринин жыйынтыктарынын жокко чыгарылышы менен, шайлоонун жалпы жыйынтыгында дагы өзгөрүүлөр болушу мүмкүн. Мындай кырдаалга сөзсүз саясий боёк берип, шайлоочулардын сезими менен ойногондор дагы чыгышы мүмкүн. Бирок, бир чындык бар – ал, шайлоону таза өткөрүү принциптерине каршы келген фактыларга эч ким көз жумбайт. Бийлик өз же өзгө деп бөлбөйт, мыйзам бузулган факты болсо, эч кимди аябайт" деди Орунбеков.

Мындан сырткары келип түшкөн арыздардын негизинде, Аймактык комиссиянын чечими менен №26 округдун №7030, №7029 жана №7028 шайлоо тилкелериндеги добуш берүүнүн жыйынтыктары жокко чыгарылган. Ошондой эле массалык мыйзам бузуу, добуш сатып алуу жана шайлоочулардын добушун мажбурлаган көрүнүштөр орун алган №9 округдун №5039, №5050, №5054, №5577, №5040, №5041 жана №5548 шайлоо тилкелеринин добуштарынын жыйынтыгы жокко чыгарылды.

Ага улай Боршайком Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоонун натыйжалары жөнүндө маселени карап, токтом кабыл алууда. Шайланды деп таанылган талапкерлерди эскертип, 3 күндүк мөөнөттө Борбордук шайлоо комиссиясына өзүнөн Жогорку Кеңештин депутатынын статусуна ылайык келбеген ыйгарым укуктарды алып салуу жөнүндө арызынын көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү экенин айтты. Эгерде шайланды деп таанылган талапкер 3 күндүк мөөнөттө өзүнөн Жогорку Кеңештин депутатынын статусуна ылайык келбеген ыйгарым укуктарды алып салуу жөнүндө талапты аткарбаса, анын депутаттык мандаты Конституциялык мыйзамдын 64-беренесинин 4 жана 5-бөлүктөрүндө каралган тартипте кезек боюнча кийинки талапкерге өткөрүп берилет. Демек, шайланган талапкерлер шашылышы зарыл. Ал эми БШК шайланды деп таанылган талапкерлерди 3 күндүк мөөнөттө каттап, аларга ырастаманы жана белгиленген үлгүдөгү төш белгини тапшырат.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

КАМКОРДУК

# САПАТТУУ СОЦИАЛДЫК КЫЗМАТТАРГА МУКТАЖ

***Кыргызстанда 221 миңден ашык майыптыгы бар адам жашайт. Анын ичинен 37 миңден көбү балдар болуп эсептелет. Жакында Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги «Коом баары үчүн» форумун өткөрдү. Форумга жарандык коомдун өкүлдөрү, адистер катышышты. Мында майыптыгы бар жарандар туш болгон көйгөйлөрдү чечүү зарылдыгы айтылды. Инклюзия жана теңчиликке бекем туруу майыптыгы бар адамдардын маселелеринде оң натыйжа берээри баса белгиленди.***





**Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министри Канат САГЫНБАЕВ:**

### "ИНКЛЮЗИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ӨНҮКТҮРҮҮ КЕРЕК"

- Коомдун социалдык жетилгендиги жана жарандык жоопкерчиликтин деңгээли, биринчи кезекте, өзгөчө муктаждыгы бар адамдарга болгон мамиледен көрүнөт. Бул күн алардын укуктарын коргоо, коомдук, саясий, экономикалык жана маданий жашоого катышуусун камсыз кылуу маселелерине өзгөчө көңүл бурууну зарылдыгын эскертип турат. Майыптыгы бар адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө КРнын Мыйзамынын кабыл алынышы, ошондой эле Эмгек кодексинин жаңыланышы жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүп, мамлекеттик кепилдиктерди кеңейтип, өзгөчө муктаждыгы бар жарандарыбыздын жашоо жана эмгек шарттарын жакшыртууда. Майып адамдар бүт дүйнөдө кайраттуулук, туруктуулук жана максатка умтулуу менен үлгү көрсөтүп, инклюзивдүү жана адилеттүү коом куруута шыктандырат.

**Улан СЕЙДАМАНОВ, Бишкек шаарынын тургуну:**

### "БИЗГЕ ЖЫЛУУ МАМИЛЕ АБДАН КҮЧ БЕРЕТ"

- Мен 17 жылдан бери коляскада отурам. Мамлекеттен жөлөк пул алам. Аны менен катар өз үйүмдө соода-сатык кылган курулуш материалдарын саткан дүкөндү иштетем. Андан тышкары такси кызматында иш алып барам. "Майыптыгы бар адамдарга эң биринчи жылуу мамиле маанилүү. Жылуу сөз, кубаттаган, алдыга багыт берген кеңештер бизди бактылуу кылып, шыгыбызга шык кошот. Мындан тышкары социалдык кызматтарды алуу жолдору азыркыдан да жакшы болушун каалайм. Соода борборлору, көп кабаттуу үйлөрдө, коомдук транспорттордо коюлган пандустар өз эрежеси менен салынса дейт элем. Майып адамдар пандустардын туура эмес коюлганынан көп кыйналышат. Бул башкалар үчүн майда нерсе, бизге окшогондорго абдан маанилүү.



**Гүлзина СУБАНБЕКОВА, "Жаркын келечек Талас" бирикмесинин жетекчиси:**

### "АЙМАКТАРДАГЫ МАЙЫПТЫГЫ БАР АДАМДАРГА ШАРТТАР ТҮЗҮЛСӨ ДЕЙБИЗ"

- Балдарга жардам, багыт берүүчү биздин мекемебиз ачылганына 5 жылга жакындап баратат. Бул аралыкта Таласта майыптыгы бар чоң, кичине балдар, алардын ата-энелери менен бирге, облустук бийлик, Талас мэриясынын колдоосу, ЖИА Таластын жана демөөрчүлөрдүн жардамы менен бир катар иштерди жүргүзүп келебиз. Биз ачылганда 4 бала болчу, азыр 35ке жетти. Балдар менен ар түрдүү окуу-семинарлар уюштурулат. Негизинен биз балдардын шык талантын ачууга басым жасайбыз. Балдар менен бирге кол өнөрчүлүк, узчулук иштерди аткарабыз. Алардын жасаган буюмдарын жарманкелерде сатыкка чыгарабыз. Биздин көйгөй - жайгаша турган имаратыбыз жок. Ушул жагынан бизге кыйынраак. Балдар менен ватсап группада тыгыз байланыштабыз. Балдарга укуктук, психологиялык жардамдар баймa-бай көрсөтүлүп турат. Балдар өз алдынча кайрылуу жазышып, тиешелүү мекемелерден жолдомо, коляска, керектүү жардамды алууну үйрөнүштү. Майыптыгы бар адамдарга камкордук, шарттар дагы да күчөтүлүшүн каалайм.

### КОЛДОО МААНИЛҮҮ

Майып адамдарга мамлекет жөлөк пулдары берүүдөн тышкары, билим алуу, социалдык сапаттуу кызмат алуу, кесиптик даярдоо, жана эмгек рыногунда жумуш табуу жолдорун кеңейтүү жагы абдан маанилүү десек жаңылбайбыз. Жогоруда форумдун негизги милдеттерине майыптыгы бар адамдардын укуктарын ишке ашыруудагы прогрессти жана көйгөйлөрдү талдоо, инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү, майыптыгы бар аялдар менен кыздардын коопсуздугун камсыздоо жана укуктарын коргоо кирди. Форумда ошондой эле майыптыгы бар ишкерлердин продукцияларынын көргөзмөсү уюштурулуп, алардын жергиликтүү экономикага кошкон салымы жана жеке ишкердиктин маанилүүлүгү баса белгиленди. Алдыда бул багыттагы иштерге мамлекеттин көңүл буруусу кеңейсе, ден соолугунан жапа чеккен адамдардын келечегине ишенимдери бекемделет. Акыркы жылдары өлкөдө инклюзивдик билим берүү мамлекеттик деңгээлде өнүктүрүүгө бар аракетин көрүүдө. Бул багыттагы иштерди Агартуу министрлиги колго алууда. Мамлекеттик, коомдук уюмдардын колдоосу менен көптөгөн мектептерде өзгөчө муктаждыктары бар балдар үчүн ресурстук борборлор иштеп жатат. Анда психолог, логопед, дефектолог, тренерлер жана башка тиешелүү адистер балдардын коомго аралашуусуна, билим алуусуна бар аракеттерин көрүүдө.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

КАЛЫС ПИКИР

## Саясий илимдердин кандидаты, доцент, докторант Чолпонбек СЫДЫКБАЕВ:

# "МАМЛЕКЕТТИК КАТЧЫЛЫК КЫЗМАТ ЭЭСИН ЭМИ ТАПТЫ..."



***Коомдогу актуалдуу маселелерди ар убак сыдыргыдан таамай өткөргөн саясат талдоочу Чолпонбек Медеркулович менен бул сапар соңку кадрдык жүрүштөр, парламенттик шайлоонун жыйынтыгы өңдүү бир катар маселелердин айланасында кеңири маанайда баарлаштык. Маектешим биздин соболдорубузга ташка тамга баскан аргументтүү жоопторун узатты. Эмесе, бул жагын эл бааласын.***

**- Чолпонбек мырза, Өлкө Башчыбыз парламенттик шайлоо бүтөөрү менен кадрдык жүрүштөргө жан киргизип, бир катар орун алмаштыруу саясатын кандайча чечмелейт элеңиз? Бул сапар "контордон" чыккан кадрларга артыкчылык берип, чекисттерди карьералык секирик жасатышында (Коопсуздук кеңеш катчысы, Саламаттык сактоо министри) кандай сыр бар деп ойлойсуз?**

- Ар шайлоодон соң, өзгөчө Жогорку Кеңешке же президенттик шайлоолордон кийин ар качан кадрдык өзгөрүүлөр болуп келгени бул табигый көрүнүш. Себеби, бул аралыкта айрым кадрлар өз участогунда болгон потенциялын жумшап, өзүн көрсөтүп, кайсы бир учурда анын иши солгундап калат. Мындай шартта тигил же бул тармакты андан ары жандандырып, сенектикке, реформаларда солгундоолорго жол бербеш үчүн ошондой саясий чечимдер, ротация, жаңы кадрларды дайындоо болуп турганы реформалык аракеттерди солгундатпай, андан ары жигердүү жылдыруугa түрткү берчү саясий процесс. Ал эми сен айткан "контордон чыккан" кадрларга өзгөчө артыкчылык берүүнүн сыры айрым билим берүү, саламаттыкты сактоо сыяктуу тейлөө тармагы кеңири, коомду камтуу жагынан эбегейсиз чоң, ары жооптуу тармактарды тартипке салуу, көзөмөлдөө, ичинен ирээтке келтирүү зарылдыгынан улам болсо керек. Аныгында билимдүү, дени сак улут гана өлкө келечегин кең кылчу башкы факторлордон. Кайсы өлкөдө болбосун мамлекеттүүлүктүн ажырагыс бир бөлүгү, экономика, социалдык тармак сыяктуу приоритеттүү деп аталган тармактардан да өзгөчө мааниге ээ – бул улуттук коопсуздук маселеси. Ааламдашуунун шартында жана маалымат алмашуу ачкалык кыйынга турбай калган өзгөчө азыркы учурда бул маселе мамлекеттер (мейли ал экономикалык, аскердик жактан кубаттуу болсо да) үчүн талылуу маселеге айланган кез. Улуттук коопсуздук системасы түпкүлүгүндө саясий илимдин изилдөө объектиси жана маанилүү багыттарынын бири болуп саналат. Ага ылайык бул түшүнүккө саясий илимде төмөндөгүдөй аныктама берилет: Улуттук коопсуздук – бул душмандык аракеттердин же жөн гана окуялардын жүрүшүндө мамлекеттин негизги баалуулуктарына терс таасирин тийгизе турган абалда коопсуздукту сактоо. Арийне, бул аныктама менен анын көп кырдуу табиятына толук мүнөздөмө берүү мүмкүн эмес. Же болбосо коопсуздук коркунучу ар дайым бар, өзгөчө азыркы шартта коопсуздукту камсыз кылуунун деңгээли өзүнүн эң жогорку чегине жете албайт. Демек, улуттук коопсуздук бул бир орган же жөн гана түшүнүк эмес, азыркы учурдун реалдуу жана потенциалдуу чакырыктарына субъектилердин туруктуулук көргөзө алышы жана ошондой эле бул багыттагы зарылчылыктарды, маалыматтарды кайра-кайра текшерүү, аныктоо, тең салмактоо жана талдоо аркылуу мамлекеттин кубаттуулугун, бакубаттыгын бекемдөө боюнча жүргүзүлө турган иш-чаралардын комплекси, стратегиясы десек болот. Ал эми коопсуздук кеңешинин катчылыгына келген Рустам Мамасадыков тажрыйбасы мол, саясий интригаларга аралашпаган, иштин майын чыгарган чыгаан кадрдык чекист, саясий илимдердин кандидаты. Демек, коопсуздук багытында илимий гипотезаларды практика менен айкалыштыра билет. Бул кишини эгемендүүлүк жылдары өлкөгө келген ар бир саясий жетекчилик УКМКнын биринчи орун басарлыгына, башка да жоопту кызматтарга ар дайым тартып турушкандыгы эле көп нерседен кабар берет.

**- Шайлоо демекчи, аламан жарышты, дегеле өлкөдөгү оош-кыйыш жагдайларды тереңден иликтеп, ажыратып-талдаган саясат талдоочу катары соңку парламенттик жарыштын өтүшү боюнча оюңуз кандай? Биз өзүбүздүкүлөр гана эмес, эл аралык байкоочулар жогору баа бергендей шайлоо жараянын өткөрө алдыкпы? Парламенттин жаңыланган сапаты купулуңузга толдубу?**

- Ооба, айрым округдарда локалдык мыйзам бузуулар, ээнбаштыктар болгон менен бул жолу бийлик административдик ресурсту, ар кандай басым-кысымды болтурган жок. Шайлоочуларды жайына койду. Бул сапар деле ар кандай куракташ улуу, орто жана кичүү муундун өкүлдөрүн камтыган түрлүү кесиптин ээлеринен турган кадимки эле парламент болду. Эми алар жемиштүү, абийирдүү иштейби? Бул жагына жакынкы 5 жылдыкта чогуу күбө болобуз.

**- Дегеле алдыда азыркыдай можаритардык система өзүн актайбы?**

- Кыргызстандын бир топ жылдан кийин кайрадан можаритардык шайлоого өтүшүнө саясий себептер болду. Маселен, парламенттик система бир катар өлкөлөрдү өнүгүү жолуна салган, а биз болсо парламентаризмдин ашмалтайын өзүбүз эле чыгардык да, туурабы? Деги эле абсолюттук түрдө идеалдуу система болбойт, болгон да эмес. Ар бир эле бийликтин өз потенциалын, артыкчылыктарын көргөзүп, батыл реформаларга барган "динамикалык өсүү" мезгили болот. Бир учурда болсо дарамет, потенциал толук пайдаланылып, саясий жигердүүлүк пастап, кээде сенек абалга келет. Демек, кайсы бир учуру келгенде саясий системаны реформалоонун, модернизациялоонун зарылчылыгы келип, пропорционалдык шайлоо системасына толук же жарым-жартылай кайтуу болушу да мүмкүн. Азыр сыртта заман саат сайын эмес, мүнөт-секунд сайын өзгөрүп жатканын эске алганда келечекте бизде балким такыр башкача система да сунушталат.

**- Парламент ишке кирсе бийлик бутактарында кайрадан кадрдык жүрүштөр жасалары белгилүү. Өлкөдөгү кадрдык саясатка карата баaңыз, ага удаа кандай сунушуңуз бар?**

- Албетте, жаңы парламент ишке киргенде өкмөт отставкага кетип, масштабдуу кадрдык жүрүштөр күтүлөт. Бул жагы табигый, күтүлгөн нерсе. Соңку убакта кадр саясатында ийгиликтүү чечимдер болуп жатканы кубандырат. Маселен, ошол эле Мамлекеттик катчы кызматына дайындалган Арслан Койчуев Кыргызстанга эле эмес, дүйнөгө таанымал жазуучу. Аны батыштын да, чыгыштын да илимий-чыгармачылык коомчулугу абдан жакшы тааныйт. Ток этери, ал биздин өлкөдө эле эмес, эл аралык коомчулукка белгилүү интеллектуал. Түрк мамлекеттеринин биримдигинин кеңешинде тең-төрага катары мыкты иштеген, кыскасы, Мамкатчылык кызмат ээсин эми тапты десек болот. Жогорудагы дайындоолор кадр саясатындагы ийгиликтүү чечимдерден болду. Аныгында кадр саясатында меритократиялык принциптер сакталса, менеджерлик жана ак ниеттик сапаттарга басым жасалса эле мамлекет утушка гана ээ болот.

**- Аламан жарышта алдыга озгон жаңы, жаш жүздөр жана алардын убадалары канчалык деңгээлде реалдуу болду деп ойлойсуз? Прогрессивдүү делген азыркы жаш талапкерлердин шайлоо алдындагы жүрүштөрү көпчүлүктү ынандыра алдыбы?**

- Эми шайлоонун өзү, табияты ошондой да, электоратка убадалар жаайт. Айрымдар айткан убадаларын аткара албай кыжаалат болушу мүмкүн. Шайлоо процессиндеги жалындуу убадалар башка, парламентке келгенде анын аурасы такыр башка, ал эми чоң саясаттын табияты башка дегендей. Жаштар үчүн парламент такшалуунун чоң саясий мектеби экени ырас.

**- Элибизде саясий маданият калыптануу жолуна түшкөндүгүн соңку шайлоонун мисалында көрө алдыкпы?**

- Саясий маданият – жалпы маданияттын курамдык бөлүгү болуп саналат. Саясий тажрыйбанын, саясий аң-сезимдердин деңгээли, жүрүм-турумдун жана саясий объектилердин функционалдашуусунун, өлкөнүн, класстын, улуттун, саясий топтун, индивиддердин саясий жашоо образынын үлгүлөрүнүн жыйындысы, саясий маданияттын мазмунун түзөт. Саясат таануу илиминде саясий маданият көп түрлөргө бөлүнөт. Мисалы, чыгыштын саясий маданияты, батыштын, либералдык саясий маданият, консервативдик саясий маданият ж.б. Дүйнөнүн бардык эле жерлеринде демократия жемиштүү өнүгүп кете албай келет. Демократия батышта ийкемдүү тамыр жайып, адамзаттык баалуулуктардын борбордук бөлүгүнөн орун ээлеп, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн тирөөчү боло алса, чыгыштын бир катар өлкөлөрү андай ийгиликтерди жарата албай келет. Ал эле эмес батыштын деле айрым элдериндe анчалык сүймөнчүлүк менен кабылданбаган учурлар кездешет. Андан да айрымдар үчүн таңкалыштуусу, Борбор Азия деп аталган бир эле региондогу өлкөлөрдүн саясий өнүгүүсү ар кандай нукта өнүгүүдө. Мында улуттук менталитет, тигил же бул элдин саясий маданияты, саясий аң-сезими чечүүчү күчкө ээ экендигине изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бурушу керек. Кыргызстанда болсо муундардын ортосундагы саясий маданиятты, түндүк жана түштүк аймактардагы саясий маданиятты айырмалоого болот. Айрым түпкү теги түштүктөн, шаарда өскөн жаш жигиттердин Бишкек, Чүй, Ысык-Көл аймактарынан Жогорку Кеңешке өтүп келиши коомдун саясий маданиятында жакшы жагына өзгөрүүлөр болуп жатканын далилдейт.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

## ЖАРАНДАРДЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК УКУКТАРЫ ТАК САКТАЛСЫН

***КРнын Акыйкатчысы (Омбудсмени) Жамиля Жаманбаева Укук коргоо органдарын жарандардын конституциялык укуктарын так сактоого чакырды.***

Акыйкатчынын Ысык-Көл облусундагы өкүлүнө Темировка айылынын 20 жаштагы тургуну М.Н. Ысык-Көл РИИБнин тергөөчүсүнүн иш-аракеттерине наарызычылыгын билдирип, укуктук жардам сурап кайрылган. Арыз ээсинин айтымында, анын 24 жаштагы жолдошу А.С. "Улуттук электр тармагынын" Ысык-Көл облусундагы филиалында электромонтер болуп иштегенине 8 ай болгон. "Кырсык болгон 2025-жылдын 20-май күнү жолдошума дем алыш болчу. Бирок, ошол күнү башка кызматкердин ордуна чыгып берүүнү суранып чакырышкан. Ысык-Көл РЭТнин Григорьевка аймагында иштеген кесиптештери менен кошо катуу шамалдан улам жабыркаган электр линияларын калыбына келтирүү үчүн Семеновка айылына барышкан. Ондоо иштери аяктап калганда жолдошумду ток урган. Эс алуу борборунун күзөтчүсү адистердин уруксатсыз электр жарыгын жандырып жиберген. Жолдошум окуя болгон жерден жан берген" дейт арыз ээси. Июль айында соттук-медициналык экспертизанын корутундусу чыгып, анда А.С. электр тогунан катуу сокку алгандыктан жүрөгү токтоп калганы жазылган. Каза болгон жарандын артында жубайы жана бир жашка чыга элек кызы калды. "Менин кызым 20 жашында жесир болуп, ата-энеси эң кенже уулунан айрылып, неберем атасыз калды. Биз акыйкаттык издейбиз, күнөөлүүлөр жазасын алсын" дейт арыз ээсинин апасы. Аялдын айтымында, "Улуттук электр тармагы" ишканасы кенемте төлөп, кызына бойго жеткенге чейин бериле турган жөлөк пул чегерди. Арыз ээсинин айтымында, Ысык-Көл РИИБнин тергөөчүсү эч кандай чара көрбөй, тергөөнүн жүрүшү тууралуу кабарлаган эмес. Маалым болгондой, тергөөчү 27-июлда эле кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом чыгарып, бирок маркумдун үй-бүлөсүнө бул тууралуу билдирген эмес. Андан тышкары, институт Ысык-Көл ОИИБне М.Н.-нын дооматтарын толук жана ар тараптуу текшерүүнү, ошондой эле КРнын Жазык-процессуалдык кодексинин 154-беренесинин 3-пунктунун бузулушуна жол берген кызмат адамдарына карата кызматтык иликтөөнү жүргүзүүнү сунуштап кат жолдоду. Ысык-Көл райондук прокуратурасы кылмыш ишин козгоодон баш тартуу тууралуу чечимди негизсиз деп таап, аны жокко чыгарды жана материалдарды кошумча текшерүүгө жөнөттү. Азыркы учурда тергөө уланууда.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

АДАМ ӨМҮРҮ КЫМБАТ

# Жол кырсыктарын токтотушубуз керек




***Акыркы жылдары жол кырсыктары өтө көп катталып, кабыргабыз кайышып жаткан маал. Жакында эле Оштогу жол кырсыктан бир үй-бүлөдөгү беш киши каза таап, аларды акыркы сапарга узатып келе жаткан беш жигит да кырсыктан улам көз жумду. Ага чейин Бишкек шаарында жашы жетелек жигит катуу ылдамдыкта келип бир нече адамды сүзүп, арасында бир өспүрүмдүн өмүрү кыйылган. Булар эле эмес, жер-жерлерде дагы кырсыктар катталганы, адам өмүрү кыйылганы айтылып жатат. Мындай абалды бүгүн токтотпосок, жол кырсыгынан эле көп адам кырылып же ишке жарамсыз майып болуп калчудай абалга бара жатабыз.***

Статистиканы карасак, жүрөк зыркырайт. Былтыр, 2024-жылы 7423 жол кырсыгы катталып, 514 адам каза болгон. Жыл бөлүп карасак, күнүнө 1 же 2 адам каза болгонуна күбө болобуз. 1000ге чукул адам жаракат алыптыр. Анын бир канчасы өмүр бою баспай турган болуп калган, акыл-эсин жоготкон. Ал эми быйылкы жылдын 9 айынын жыйынтыгында жол кырсыгынан 636 адам көз жумган. Миңге жакын адам жаракат алып, көбү майып болуптур. Бул жүлүн сыздаткан көрсөткүч.

Президент Садыр Жапаров бул көйгөйдү чечүү үчүн тынымсыз аракеттерин көрүп, айдоочулук күбөлүктөрдү сатууну кан буугандай токтоткон. Ошондогу маегинде минтип айтканы бар.

"Авариялардан жылына Кыргызстанда жүздөгөн адамдар каза болууда. Мисалы, былтыркы жылы өлкө боюнча дээрлик жети миңдей жол кырсыгы катталып, 783 адам каза болду. Согушта да мындай болбойт! Он миңден ашык адам жабыркаган. Анын бир нече миңи майып болуп калды. Аларды өкмөт жөлөк пул берип багып жатат. Эгер мындан ары деле айдоочулук күбөлүк сатыла берсе, анда бул сандар өсө берет. Ошондуктан, айдоочулук күбөлүктү сатууну кан буугандай токтотушубуз керек. Мына ошондо да 50-60 жылдан кийин араң күбөлүк сатып алгандардан тазаланабыз. 2020-жылы күбөлүк сатып алган уул-кыздарыбыз бүгүн араң 24тө. 50-60 жылдан кийин 74-84кө чыгат, тууралбы? Эгер азыр токтотпосок, 100 жылдан кийин да күбөлүк сатып алып, машина айдап жүргөндөрдөн тазалана албайбыз. Демек, учурдан пайдаланып, бүткүл кыргызстандыктарга, айрыкча жаштарыбызга кайрылып кетет элем. Айдоочулук күбөлүктү сатып алам деген ойдон кайтыңыздарчы" деген Президент.

Тилекке каршы, сынак тапшыруу, айдоочулук күбөлүктү сатуу токтогону менен жеке менчик автомектептердеги окуунун сапатынан улам, тийиштүү жыйынтыкка жетпей калдык. Чындыгын айтыш керек, ал жерде практика, теория, этика дегендер такыр жокко эсе. Керек болсо окубай эле бүттү деген кагазды сатып алган учурлар көбөйдү. Мындан улам айдоочуларды даярдоону колго алуу маселеси жаралды.

Өткөн айда Президенттин Иш башкармалыгынын кызматкерлери айдоочулукка окутууда киргизилип жаткан өзгөртүүлөр боюнча маалымат жыйын өткөрдү. Анда Президенттин Иш башкармалыгынын башчысы Каныбек Туманбаев аталган реформа Өлкө Башчы Садыр Жапаровдун тапшырмасы менен ишке ашып жатканын билдирди. Туманбаевдин айтымында, эми айдоочулукка окутуу мөөнөтү кийинки жылдан баштап 14 айга узартылып, жеке менчик унаа мектептери мамлекеттин башкаруусуна өтөт.

"Акыркы учурларда аябай көп кырсык катталып жатат. Менчик автомектептерде окуганда анын окуган документин акча менен сатып алып, эч кандай билим албай, эки саат практикадан өтүп, анан айдоочулук күбөлүктү алып алган көп болуп жатат. Ошондуктан жол кырсыктары көбөйүүдө. Мүмкүн жаман көрүшүңүздөр мүмкүн, бирок бирэки жылдан кийин баары калыбына келет. Жеке менчик автомектептерде ажиотаж болуп, "жабылгыча окуп алалы" деп шашып жатышат экен деген маалымат чыкты. Ал жерде шашкалактап окуганыңар менен баары бир "Унаа" мамлекеттик ишканасына келип экзамен тапшырасыңар, андан өтпөй калышыңар мүмкүн. Мисалы, ар кайсы кесиптерди деле 4-5 жыл университетте окуп алабыз, айдоочулук да ошондой эле болушу керек. Мындан ары шалаакылыкка жана коррупциялык схемага жол бербейбиз" деди Каныбек Туманбаев.

Ошондой эле Каныбек Туманбаев мөөнөтсүз айдоочулук күбөлүктөрдүн тагдыры тууралуу айтып, 2026-жылдан тарта жаңы үлгүдөгү айдоочулук күбөлүктөргө алмаштырылышы керектигин белгиледи.

"Жаңы үлгүдөгү айдоочулук күбөлүк алууда айдоочулар кайрадан экзамен тапшырбайт жана эч кандай төлөм төлөнбөйт. Мунун баары акысыз жана экзаменсиз болот. Ал эми мурда 10 жылга берилген күбөлүктөрдү мөөнөтү аяктаганга чейин колдоно берсе болот. Мөөнөтү аяктагандан кийин Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттикте жаңыртылат" деди.

Айдоочулук күбөлүккө ээ болуу үчүн 14 ай окуйт деген сунуш боюнча ар кимде ар кандай ой-пикир жаралышы мүмкүн, бирок жол кырсыктарынын алдын алып, аны токтотуу үчүн ушундай кадамдарга баруу керек. Ансыз биз кейиштүү абалдан чыга албайбыз. Жоопкерчиликти билбеген, этиканы окубаган айдоочулар дагы далай мекендештерибизди майып кылып, адам өмүрүн кыя берет. Биз ага жол бербейли.



**Журналист Бакай Садыров:**

– Акыркы 20 жылда айдоочулук күбөлүк кадимкидей эле сатылып келген, пайдасын айдоочулук күбөлүккө окуткан жеке автомектептер көрдү. Зыянын эл көрдү. Авариялар көбөйдү, миңдеген адамдардын өмүрү кыйылды, миңдеген адамдар майып болду. Президент Садыр Жапаровдун чечими, адам өмүрү эң кымбат экенин эстеткен жана тартипти орнотууга багытталган эң туура чечим болду. Жеке мектептердин жабылышы менен мамлекеттик көзөмөл күчөйт, экзамендер ачык-айкын өтөт, жолдо жүрүү коопсуз болот. Бул – чыныгы реформа, биздин өмүрдү сактоо үчүн жасалган кадам!



**Журналист Мирлан Дүйшөнбаев:**

– Эми мындан ары 11-классты бүткөндөр айдоочулук билимге да ээ болушуп, жашы жетери менен айдоочулук күбөлүккө ээ боло алышат экен. Ушул нерсе жакты. Буга эчак барышыбыз керек болчу. АКШда, Европа өлкөлөрүндө ушундай. Ошон үчүн ал жакта дээрлик бардыгы автоунаа башкарганды билишет. Кесиптик адистиги жоктор, ЖОЖдордо билим алгысы келбегендер автоунаа айдап, тирилик кыла беришет. Эми 12 жылдык билим берүүнүн алкагында, окуучулар каалоолоруна жараша 9-класстан кийин эмгек рыногу талап кылган техникалык атайын кесиптерге даярдала баштаса, максатка ылайыктуу, суроо-талапка туура келген билим берүү системасына ээ болор элек.

**Зулпукаар САПАНОВ**

АЙМАКТАРДА

## ЧЕКТӨӨ КИРГИЗИЛДИ



Кечээ саат 12:50дөн тарта Бишкек — Ош унаа жолундагы Төө-Ашуу ашуусунда (Сосновка постунан) оор жүк ташуучу унаалардын өтүүсүнө убактылуу чектөө киргизилди.

Транспорт жана коммуникациялар министрлигинен билдиришкендей, учурда аймакты караган №9 Жол тейлөө ишканасы тарабынан тазалоо, инерттик материалдарды себүү иштери жүрүүдө. Министрлик кандай кырдаал жаралбасын каршы тилкеге чыкпай, жол эрежесин так сактоого жана унаа дөңгөлөктөрүн кышкыга алмаштырып алууга чакырат.

Белгилей кетсек, азыркы учурда өлкөнүн көпчүлүк аймактарында кар жаап, ашууларда оор жүк ташуучу унаалардын өтүүсүнө убактылуу чектөөлөр киргизилүүдө.

## ЗАРДАЛЫГА БАРЧУ ЖОЛ АЧЫЛАТ



Баткен облусунун Зардалы айылына барчу Сары-Талаа – Кызыл-Таш – Зардалы жолу жакынкы күндөрү пайдаланууга берилет. Бул тууралуу Транспорт жана коммуникациялар министрлигинен билдиришти.

Күн мурун Транспорт министри Абсаттар Сыргабаев аталган жолдун курулуш иштеринен кабар алды. 17,5 чакырымы түзгөн жолдо кеңейтүү жана тегиздөө иштери аяктап, жакынкы күндөрү пайдаланууга берилет. Мындан тышкары, узундугу 30 метр болгон темир көпүрөнүн куруу иштери 95%га бүттү.

Эске салсак, Президент Садыр Жапаров 2024-жылдын 29-сентябрында Баткен облусунун бийик тоолуу, жетүүгө кыйын аймактагы Зардалы айылына барып, эл менен жолугушууда келерки жылы кыштакка барчу жолду салуу башталарын, электр энергиясы менен камсыз кылуу, чакан ГЭС салуу иштери жүргүзүлөрүн билдирген.

## ВЕТЕРИНАРДЫК-САНИТАРДЫК ЭКСПЕРТИЗА ЛАБОРАТОРИЯСЫ



Ат-Башы районунда Ветеринардык-санитардык экспертиза лабораториясы ачылды.

Райондук администрациядан билдиришкендей, мында азык-түлүктөрдө (эт, сүт, балык, жер-жемиш жана башка) адамдын ден соолугуна зыяндуу заттардын, антибиотиктердин калдыктары бар же жок экендиги, микробиологиялык булганууну жана мителерди аныктоо менен физикалык-химиялык көрсөткүчтөрдүн стандарттарга шайкеш келээри текшерилет. Бул лабораторияда соода жайларында сатылып жаткан тамак-аштын талапка жооп бериши, күнүмдүк турмушта пайдаланылып жаткан продукциялардын коопсуздугу текшерилип, адамдардын ар кандай ооруларга чалдыгышына бөгөт коюу иштери жүргүзүлөт.

**"Эркин-Тоо" пресс**

МЕЗГИЛ СЫНООСУНАН ӨТКӨН УЮМ

# ДОСААФтын ТАГДЫРЫ КАНДАЙ БОЛООР ЭКЕН?

***Өлкө жетекчилигинин жеке менчик автомектептерди жабуу, "келечектеги айдоочуларды даярдоо 14 айлык окуу мөөнөтү менен мамлекеттик мекемелерде гана өткөрүлөт" - деген чечими бүтүндөй өлкөнү дүрбөлөңгө салды. Жолдорубузда болуп жаткан күнү кур эмес автокырсыктарды эске алганда, катаал чараларды көрүү, албетте, түпкүлүгүндө эң туура. Өлкө башчыбыздын мындай чечими бардык автомектептерге толук тиешелүүбү? Андай болсо бул чечим 100 жылдык тарыхы бар, мамлекетке зор кызматы сиңген Кыргыз Республикасынын Спорттук-техникалык коргонуу уюмун (СТКУ) биротоло жок кылбайбы? - деген маселени талкуулап, коомдук пикирге алып чыгуу бир эседен мезгилдин талабы болууда. Баарынан да Кыргыз Республикасынын Спорттук-техникалык коргонуу уюму азыркы кезде кандай абалда экенин жана легендарлуу ДОСААФ Советтер Союзу тарагандан кийин оор мезгилди кантип басып өткөнү баарыбыз үчүн жана окурмандарга деле кызык болсо керек...***




*Жаңы курулган заманбап 36 мектептин бири*

Өлкөбүз эгемендикти алганы бир кездегидей Москвадан техника, жабдуулар, эң башкысы кызматкерлерди, имараттарды, курулуштарды жана башка мүлктөрдү тейлөөгө багытталган баштагыдай каржылык каражаттар түрүндөгү субсидиялар түшпөй калды. КРнын ДОСААФы коомдук уюм болгондуктан, өзүн-өзү каржылоого жана мамлекетке эбегейсиз зор салыктарды төлөөгө, жалпы чыгымдарга каражат табууга мажбур болду. Мунун баары албетте, ДОСААФтын жетекчилигине көтөрө алгыс оор жүк болду. Мындай шартта эмгек акы албаган жогорку кесипкөй кадрлардын алды соода-сатыкка өтүп, айрымдары жан багуу үчүн ишкерчиликке ык коюп кетишкенин кайда катабыз? Бул жагдай Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрү үчүн адистерди даярдоонун сапатынын төмөндөшүнө алып келди. Айрыкча, авиаторлор, парашютисттер, аскер-деңиз флоту үчүн адистер талап кылынбай калды. ДОСААФтын катарында чыныгы патриоттор гана калышты. Дүйнөлүк деңгээлдеги спортчуларды даярдаган мекемелер биринин артынан бири жабыла баштады. ДОСААФтын мекемелери каржылык кыйынчылыктардан улам салыктарды төлөй албагандыгынан, мурда бөлүнгөн жер тилкелерин Бишкек, Ош, Токмок шаарларынын мэрияларына жана айыл өкмөттөрүнүн администрацияларына кайтарып бере башташты. ДОСААФтын негизги бөлүктөрүн сактап калуу үчүн кезек техника жана башка мүлктөрдү сатууга аргасыздыкты жараткан. Ушундай оор мезгилде 1998-жылы Кыргыз Республикасынын ДОСААФын 1987-жылдан баштап жетектеп келе жаткан вице-адмирал М.С.Темиров каза болот. Легендарлуу инсан Темировдун дүйнөдөн кайтышы менен уюмдун кыйроосу бир кадам алдыга жакындагандай түс берет. Ошол убакта ДОСААФты мындан ары ким жетектейт? Түзүлгөн оор кырдаалдан ким сактап кала алат? - деген соболдор бул уюмдун айланасында актуалдуу болуп турган. Акыры жаңы жетекчини шайлоо үчүн кезексиз съезд чакырылат. Жетекчиликке бир нече татыктуу талапкерлер көрсөтүлүп, алардын арасынан Орусиянын Куралдуу Күчтөрүнүн Генералдык штабынын Академиясын жаңы бүтүргөн жаш, энергиялуу генерал-майор Кошонов Анарбек Айтышевич тандалып алынган. Анарбек Айтышевич 1975-жылы Советтер Союзунун маршалы И.С.Конев атындагы Алма-Атадагы жогорку жалпы аскердик командалык окуу жайын бүтүргөн. 1988-жылы Москва шаарындагы М.В.Фрунзе атындагы Аскердик академияны ийгиликтүү аяктаган. СССРдин Куралдуу Күчтөрүндө офицердик кызмат өтөө мезгилинде окуу-чалгындоо взводунун, ротанын, батальондун командири, полктун командиринин биринчи орун басары – штаб башчысы кызмат орундарын аркалап келген. Кыргызстанга кайтып келгенден кийин ДОСААФтын курамында жетекчилик кызматтарында иштеген. Россия Илимдер Академиясынын педагогика жана социалдык илимдери боюнча мүче-корреспонденти илимий наамы, дөңгөлөктүү жана каз тамандуу машинелерди ондоочу инженердик кесиби да бар эле.

Ошол жылдары ДОСААФтын төрагалыгын кабыл алгандан кийин Анарбек Айтышевич коомдук бирикменин экономикалык, саясий жана юридикалык абалын изилдеп чыгып, биринчи кезекте укуктук статусун иретке келтирет. 1999-жылдын 2-июнунда Кыргыз Республикасынын "Жер Кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" мыйзамы кабыл алынган. Ал мыйзамда мамлекеттик эмес уюмдарга жеке менчикке мүлк алууга укук берүү каралган. Бул мыйзамдын негизинде ДОСААФтын бардык мекемелери өздөрүнө тийиштүү менчик жерлерге мамлекеттик актыларды алышкан. 2000-жылы уюмдун жаңы Уставы иштелип чыгып, съезддин жыйынында кабыл алынып, Юстиция министрлигинде Кыргыз Республикасынын Спорттук-техникалык коргонуу коммерциялык эмес коомдук уюму катары каттоодон өтөт. Ал ортодо салык мыйзамы кабыл алынып, күчүнө киргенден кийин гана СТКУ салык системасына чоң жүк болбой калды.

Соңку жылдары мамлекеттин негизги душмандарынын бири - жеке менчик автомектептер пайда болуп, алардын саны кескин көбөйүп кетти. Советтик мезгилде айдоочуларды жалаң гана ДОСААФ,



*Аскердик, патриоттук клубдар. Ушундай жаш муундар аскерге 42 мектептен даярдалат.*

ыктыярдуу айдоочулар уюму жана кесиптик орто окуу жайлары даярдап, алар бул милдетин так аткарып турушкан. Акыркы жылдарда СТКУнун демилгеси менен мамлекеттик жол көзөмөлдөө жана "Унаа" кызматтарынын, лицензиялык бөлүмдүн өкүлдөрүнүн катышуусу менен бир топ илимий-практикалык конференциялар өткөрүлдү. Ал жерде дагы жолдо жүрүү эрежелерин бузуунун натыйжасында жол кырсыктарынын көбөйүп бараткандыгы жөнүндөгү маселелер такай көтөрүлүп турчу.

Жеке уюмдардын негизги максаты киреше таап, жеке капчыктарын кампайтуу экени айтпаса да түшүнүктүү. Ал эми СТКУнун максаттары - тапкан кирешесин мамлекет менен эсептешүүгө, кызматкерлердин маяналарын төлөөгө, андан калган каражаттары Аскердик-мекенчилдик клубдары аркылуу жаштарды патриоттуулукка тарбиялоого, аларды аскерге кызмат кылууга даярдоого жумшалат. Ошондуктан, Президентибиздин жолдордогу адам өмүрлөрүн сактап калуу, айдоочуларды сапаттуу даярдоо жана менчик автомектептерди жабуу боюнча чечимин жалпы СТКУнун кызматкерлери терең түшүнүү менен кабыл алышты. Кандай болгон күндө да бул маселе коомдук талкуулоого салыныш керек. Аныгында СТКУнун автомектептерин башка сапатсыз жеке менчик автомектептердин катарында жаап салуу маселеси дагы тереңирээк изилдениp, тактоого муктаж. Бул жагынан шашылыш чечим кабыл албоо зарыл.

Азыркы тапта 30-40 жылдан бери эмгектенип келе жатышкан жогорку кесипкөй айдоочу-инструкторлордун, жол эрежелерин жана автомобиль түзүлүштөрү боюнча сабак берип келе жаткан мугалимдердин, жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялап, аларды аскердик милдетин өтөөгө даярдап жаткан аскердик-патриоттук клубдарынын жетекчилеринин келечек тагдырлары кандай чечилээр экен? Мындай суроо учурдун актуалдуу маселесине айланган чагы.

Айрыкча, СТКУнун өлкөбүздүн дээрлик бардык аймактарында ийгиликтүү иштеп жаткан 44 мекемеси, алардын бир тыйындап чогултуп жүрүп куруп алышкан 2, 3, 4 этаж заңгыраган, заманбап кымбат баалуу жабдыктар менен жабдылган автомектептери, автомобилдери, автодромдору, спорттук, аскердик аянтчалары, спортзалдары, быйылкы жылы ачылган дагы кошумча 5 мекеменин иштеринин токтотулуп калынышы соңку жылдардагы мамлекетибиз дүркүрөп өнүгүү жолунда кетип бара жатканда абдан аянычтуу көрүнүш.

СТКУнун эң негизги максаты – бул жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо, Куралдуу Күчтөрүбүздү жогорку деңгээлде даярдалган жаш жоокерлер менен толуктоого көмөктөшүү. Ал эми автомектептердин иштеши бул ошол максаттарды толук кандуу аткарууга багытталган каржы булагын табуу болуп эсептелет. Ошондуктан, бул уюм өзүн-өзү каржылоонун негизинде акыркы 20 жыл аралыгында табылган каражаттар менен 36 жаңы заманбап мекенчилдикке тарбиялоо жана кесиптик-техникалык билим берүү Борборлору курулган. Ал жерде аскерде кызмат кылууга даярдык көрүп жатышкан аскердик-патриоттук клубдарынын курсанттары билим алышат. Ошондуктан, СТКУ жалаң гана айдоочуларды даярдоочу уюм катары кабыл алуу – бул жаңылыш көз караш.

Кыргыз Республикасынын "Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө" мыйзамында СТКУ коммерциялык эмес, коомдук уюм болуп саналат. Бирок, уюмдун негизги максаты, ишмердүүлүгү бул мамлекетибиздин жаштарын идеологиялык жактан тарбиялоого жана аларды Куралдуу Күчтөр муктаж болгон аскердик кесиптерге ээ болушуна көмөктөшүү. Учурда СТКУда билим алып, тарбияланып жана кесипке ээ болуп жаткан курсанттардын жалпы санынын 25%ы аскерге чакырылууда. Жыл сайын СТКУнун мектептерин аяктап чыккан миңдеген курсанттар Кыргызстандын эмгекчилеринин жана мобилизациялык ресурсунун катарын толуктайт. Бул СТКУ аскердик курулуш иштерине, сырткы жана ички коопсуздукту камсыз кылууга активдүү катышат дегенди билдирет.

1993-жылы Минск шаарында Кыргызстандын демилгеси менен "ДОСААФка көмөктөшүү жөнүндө" өкмөттөр аралык келишимге кол коюлган. Ал келишимдин биринчи беренесинде "Мамлекет КМШ өлкөлөрүндө ДОСААФ уюмдарынын өнүгүшүнө көмөк көрсөтөт" - деген милдеттенме каралган. Ошондуктан, эл аралык келишимди бузуп албоо максатында азыркы кырдаалдан чыгуунун эң эле туура жолу бул так милдеттенме коюу менен СТКУ жана мамлекеттик органдар арасында келишим түзүү туура болот. Ал милдеттенмелерде биринчиден, лицензия берүүнүн жобосу кайра каралып чыгуусу, жобонун талаптарына жооп бербеген мекемелердин лицензияларын жөнөкөй эле чакыртып алуу, экинчиден, автокатастрофалардын күнөөкөрлөрү кимдер тарабынан даярдалган, алардан кимдер сынак алгандыгы боюнча иликтөөлөрдү, талдоолорду жүргүзүү, аларды жоопко тартуу маселелери дагы каралышы керек.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО



САЛАМАТТЫКТЫН САКЧЫЛЫГЫНДА

## Ош облустар аралык бириккен клиникалык ооруканасынын директору Атабек Жумалиев:

# “Айтуугa татыктуу эл аралык алакаларыбыз бекемделүүдө”





**– Атабек Каныбекович, өлкөбүздүн түштүгүндө жашаган калктын ден соолугун чыңдоодо Ош облустар аралык бириккен клиникалык ооруканасынын ролу жогору. Кийинки кездеги олуттуу өзгөрүүлөр айтууга татыктуу. Айталы, эл аралык алакаңыздар аркылуу өнүккөн өлкөлөрдүн медицина тармагындагы жаңылыктары менен кенен таанышып, иш жүзүндө пайдалануу, тажрыйба алмашуу багытында медициналык иштерди илгерилетип жатасыздар. Мына ушул багытта сөздү улантсак...**

– Баарыбызга белгилүү болгондой, кийинки кезде коңшу Кытай мамлекети менен Кыргыз мамлекетинин ар тараптуу кызматташтыгы чыңдалууда. Өткөн жылы май айында Кытай Эл Республикасынын Шаньдун провинциясынын “Цилу” ооруканасынын өкүлдөрү өлкөбүзгө келишкен. Жылуу кабыл алдык. Ошол учурда алар менен кызматташуу боюнча эки тараптуу сүйлөшүү болгон. Натыйжада аталган “Цилу” ооруканасынын базасында окутуу, тажрыйба алмашуу, заманбап медициналык жабдуулар менен камсыздоого жол ачылган. Дагы бир ирет баса белгилеп кетейин, эки Өлкө башчыларынын жетекчиликтери менен ар тараптуу байланышыбыз баар табууда. Мисалы, кечээ жакында эле август айында Кытай Эл Республикасынын борбору Пекин шаарында илимий практикалык конференция жана медициналык жарманкенин иш-чаралары өттү. Аталган өлкөнүн Саламаттык сактоо министрлигинин чакыруусу менен ооруканабыздын көз микрохирургу Сагынбек Кадыров экөөбүз катыштык. Конфециянын учурунда Ош облустар аралык бириккен клиникалык ооруканасынын жетишкендиктери менен бирге жалпы көйгөйлөрү, чечүүнүн жолдору тууралуу доклад жасадым. Докладым ошол медициналык жарманкеге катышкан кесиптештеримди кайдыгер калтырган жок. Андан сырткары эки тараптуу сүйлөшүүлөр үзүрүн берди. Кытай Эл Республикасынын көз дарыгерлери бизге келишип, 300гө жакын катаракта, глаукома менен жабыркаган бейтаптарга акысыз операцияларды жасашты. Заманбап медициналык жабдуулар менен да камсыз кылышты. Демек, эл аралык байланыштардын пайдасы зор болгондуктан бул багытта байланыштарды тереңдетүүнү колго алуудабыз.



Мындай жагымдуу жаңылыктар биздин турмушубузда тамырын кенен жайылтууда. Бет-жаак хирургиясы бөлүмүнүн башчысы, медицина илимдеринин доктору, профессор, КУИАнын мүчө-корреспонденти Абдракман Молдалиевич-тин демилгеси менен Түштүк Корея Республикасынын Сеул улуттук университетинин стоматология клиникасынын бет-жаак хирургиясы бөлүмүнүн дарыгерлери профессор Byounq-Moo Zeo, профессор Joo-Younq Park, профессор Kyuhun Yoon, докторлор Zanq-ChuI Cbunq, Zunq-Bin Youn жана Ze-Hui бөлүмдүн жаш дарыгерлери менен биргеликте эки тараптуу кызматташуунун алкагында 30дан ашык бейтапка заманбап операцияларды жасашып, так-тап айтканда хейлопластика, ураностафилопластика дарттарынан жабыркап келгендердин тилеги орундалды. Жасалган операциялар менен катар, мастер-класстар өткөрүлдү.

Түштүк Кореялык дарыгерлердин кылган кызматына кандай алкыш айтсак да аздык кылат. Ар бирине терең ыраазычылыктарды билдирдим. Эң башкысы тажрыйба алмашуу максатында жаш дарыгерлерди Түштүк Кореянын алдыңкы клиникаларында окутууларды уюштуруу макулдашылды.

Былтыр октябрь айында Япониянын Токио медициналык жана стоматологиялык университетинин жана JICA уюмунун өкүлдөрү да келишкен. Жолугушуу учурунда ОшМУ, Токио МжСУ жана биз менен биргеликте абанын булганышы жана анын калкыбызга тийгизген таасири тууралуу «ZATREPZ” долбоорун биргеликте жүзөгө ашыруу боюнча үч тараптуу макулдашуулар бекемделди. Гранттык изилдөө Япония өкмөтү тарабынан каржыланып, ишке ашуусу күтүлүүдө. Андан сырткары биздин материалдык-техникалык базабызды чыңдоо максатында заманбап медициналык жабдуулар менен камсыздоо үчүн J ICA уюмуна арыздар берилди. Япониялыктар биздин медициналык мекемебиздин бардык жагдайлары менен кенен таанышышты. Колдоо жарашты.

**– Сиздердин эл аралык деңгээлдеги алакаңыздар тууралуу айтып олтурсак сөз узак. Учурда жасалып жаткан жарк**

→

**→**

**этken жергиликтүү жаңылыктарыңыздар тууралуу да айтып берсеңиз?**

– Жакында Перинаталдык борбордун курулушуна "Мезгил кутусун" салуу аземи болуп өттү. Бир катар жетекчилер менен биргеликте Германия Федеративдүү Республикасынын Кыргызстандагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу элчиси Моника Ленхард катышты. Аталган курулуш Кыргыз өкмөтү менен Германия өнүктүрүү банкынын ортосундагы "Эне жана баланы коргоо IV-VIII фазасы» долбоорунун негизинде ишке ашырылып жатат. Буйруса 2 жыл аралыгында курулуш толук кандуу аягына чыгат. Жогорку технологиялык, жаңы инновациялык медициналык жабдуулар коюлат. Эне жана баланын саламаттыгы үчүн айтып болгус кызмат кылат. Медициналык жогорку заманбап шарт жагдай түзүлгөн жерде, албетте кемчиликтер кыскарат.

Балдар келечегибиз экендиги талашсыз. Былтыр жаз алды менен облустук төрөт үйүн капиталдык оңдоолордон өткөрүп алганбыз. Заманбап шарт түзүүгө болгон мүмкүнчүлүктөрдү жумшай баштадык.

Быйыл байсалдуу жыл болду десек ак сөз. Ош облустар аралык бириккен клиникалык ооруканасынын турмушунда айтарлык жаңылык кадамдады. Магниттик-резонанстык томография борборунун расмий ачылышы болуп өттү. Бул долбоор "Шаньшуй Силк Роуд КейДжи" ЖЧКсы тарабынан, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу инвестициялар боюнча Улуттук агенттигинин алдындагы Мамлекеттик жеке-өнөктөштүк борборунун биз менен болгон келишиминин алкагында ишке ашырылды. Долбоордун негизинде заманбап медициналык дарт аныктоо борборун уюштуруу каралган.



Долбоор боюнча былтыр декабрь айында иш жанданган. Имаратты капиталдык оңдоолордон өткөрүү, бөлмөлөрдү даярдоо, инженердик инфраструктураны камсыздоо баш болгон иштер илгериледи. Заманбап медициналык жабдууларды орнотуу менен коштолду. Июнь айында негизинен бардык иштер аяктады. МРТ борбору толук ишке киргизилди. Так жана жогорку сапатта дарт аныктоого толук даяр.

Борборго United Imaqinq Healthcare компаниясы тарабынан чыгарылган uMHR 580 модели орнотулду. Бул жаңы муундагы магнит талаасынын жогорку чыңалуусу 1,5 Тесла болгон МРТ аппараты болуп саналат. Компания тарабынан долбоорго салынган жалпы инвестиция 1 000 000 ( бир миллион) АКШ долларынан ашты. Бардык жабдуулар, монтаждоо, инженердик кызматтар жана курулуш иштери толук каржыланды. Биздин МРТ борборунун ачылышы өлкөнүн аймактарында жогорку технологиялуу медициналык жардамды жеткиликтүү берүүчү мамлекеттик стратегиянын манилүү бөлүгү болуп калат. МРТ заманбап аппараттарынын орнотулушу биринчи кезекте бейтаптарга ыңгайлуулукту жаратат. Анткени, ушул убакка чейин мындай заманбап аппараттарга зар болуп келгенбиз. Мына эми тилектерибиз аткарылды. Чынын айтсак, аталган борборго чейин бейтаптарыбыз жеке менчик клиникалардын аппараттарына муктаж болуп келген. Оор бейтаптардын көйгөйү оңой чечилбеген. Биздин МРТ борборубуз калк саламаттыгы үчүн опол тоодой кызмат кыла бермекчи. Жеке клиникаларга салыштырмалуу бизде дарт аныктоо изилдөөлөрүнүн акысы жеңил. Калктын айтып жаткан алкышына татыктуу болуу үчүн не деген аракеттерди кылбадык. Мына эми көптөн берки эңсеген максатарыбызга жеттик. Бул жетишкендиктер чек эмес. Алдыда албан максаттарыбыз арбын.

**– Атабек Каныбекович, жыл аяктап баратат. Алдыда кандай албан максаттарыңыздар бар?**

– Биринчи кезекте эл аралык кызматташтыкты үзгүлтүксүз уланта беремекчибиз. Өнүккөн өлкөлөрдүн катарында кадрларды окутуу, тажрыйбаларды өстүрүү, айрыкча жаш кадрларды таптоого көңүл бөлмөкчүбүз. Анткени, жаш кадрларга болгон муктаждык акырындык менен чечилип, туура жолго коюлууга тийиш. Биздин кесип ары ардактуу, ары татаал кесип. Жаңы жыл алдында бардык кесиптеш медициналык кызматкерлерге чың ден соолук каалаймын. Кыраан кыргыз эли бекеринен: "Биринчи байлык – ден соолук" деп айтпаган. Ден соолуктун сакчылыгында калкыбызга канат бололу!

**Айчүрөк МАКЕШОВА**











**ЭЛ АРАЛЫК АЛАКАЛАРДАН КӨЗ ИРМЕМ**





Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫКТАРЫ МЕНЕН СЫЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасында спорттук күрөштү өнүктүрүүгө жана дүйнөлүк аренада спорттук күрөштүн статусун жогорулатууга кошкон олуттуу салымы үчүн сыйлансын:

***"Достук" ордени менен***

**Лалович Ненад** – Бириккен күрөш дүйнөсүнүн (United World Wrestling) президенти, Эл аралык олимпиада комитетинин мүчөсү;

***Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен***

**Мохаммед Зейад Аль-Ауамлех** – Бириккен күрөш дүйнөсүнүн Азия кеңешинин (United World Wrestling – Asia Council) президенти, Иордания Хашимит Падышалыгынын күрөш федерациясынын президенти.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 4-декабры, №349***

## ИШ САПАРДЫК ЧЫГЫМДАРДЫН ЧЕНЕМДЕРИН БЕЛГИЛӨӨ ЖАНА АЛАРДЫН ОРДУН ТОЛТУРУУ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 115-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кызматкерлерди иш сапарга жиберүү менен байланышкан чыгымдардын ордун толтуруунун төмөнкүдөй ченемдери белгилënсин:

1) Кыргыз Республикасынын чегинде:

– суткалык төлөм – республиканын региондорунда иш сапарда болуунун ар бир күнү үчүн 1000 сом; Бишкек шаарында – 1200 сом;

– турак жайды ижаралоо боюнча төлөм – тиешелүү документтер менен ырасталган иш жүзүндөгү чыгымдар боюнча. Ырастоочу документтер жок болгон учурда турак жайды ижаралоо боюнча чыгымдардын орду суткалык чыгымдардын ченеминен 50 пайыз өлчөмүндө толтурулат;

– иш сапар өтүүчү жерге чейин барууга жана кайтып келүүгө жол кире чыгымдары, анын ичинде транспортто жүргүнчүлөрдү милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу боюнча төлөмдөр иш жүзүндөгү чыгымдар боюнча жүргүзүлөт, мында бул чыгымдар тиешелүү документтер менен ырасталат. Ырастоочу документтер жок болгон учурда жол кире боюнча чыгымдардын орду 1-тиркемеге ылайык өлчөмдөрдө толтурулат;

2) Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары:

– турак жайды ижаралоо боюнча суткалык чыгымдарды жана чектик чыгымдарды төлөө – ырастоочу документтерди бербестен 2-тиркемеге ылайык өлчөмдөрдө;

– иш сапар өтүүчү жерге чейин барууга жана кайтып келүүгө жол кире чыгымдары, анын ичинде транспортто жүргүнчүлөрдү милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу боюнча төлөмдөр, ошондой эле барган өлкөсүндөгү транспорттук чыгымдар иш жүзүндөгү чыгымдар боюнча жүргүзүлөт, мында бул чыгымдар тиешелүү документтер менен ырасталат.

**2.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

– кызматкерди Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары иш сапарга жиберүү иш сапардык күбөлүктү тариздебестен иш берүүчүнүн буйругунун (тескемесинин) негизинде жүргүзүлөт;

– иш сапардык чыгымдардын ченемдерин көбөйтүү менен байланышкан кошумча чыгымдар мамлекеттик мекемелер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн тиешелүү жылга бюджетте каралган каражаттардын чегинде жүргүзүлөт.

**3.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-майындагы №241 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү тууралуу" токтому.

**4.** Бул токтом расмий жарыялануусу тийиш жана 2026-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 4-декабры, №778***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 24-ДЕКАБРЫНДАГЫ №338 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КӨЗӨМӨЛ МИНИСТРЛИГИНИН ВЕДОМСТВОЛУК БӨЛҮМДӨРҮНҮН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу «Борбордук лаборатория» мамлекеттик ишканасынын ишин оптималдаштыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №338 «Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу «Борбордук лаборатория» мамлекеттик ишканасынын уставында:

– 32, 33-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«32. Ишканада директордун эки орун басары кызмат орду каралган. Ишкананын директорунун орун басарлары Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министринин сунушу боюнча мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат.

33. Ишкананын директорунун орун басарлары мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчиси менен эмгек келишимин түзөт.»;

– 34-пунктта «орун басарына» деген сөздөр «орун басарларынын бирине» деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 35-пункттун экинчи абзацында «орун басары» деген сөздөр «орун басарларынын бири» деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 39-пункттун 1-пунктчасында «орун басары» деген сөздөр «орун басарлары» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 4-декабры, №780***

## ЭКОНОМИКАНЫН АЙРЫМ ТАРМАКТАРЫН КОЛДОО БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Зергерчилик жана тигүү өнөр жайын комплекстүү өнүктүрүү, чакан жана орто бизнестин субъекттерине колдоо көрсөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) бир айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна төмөнкүлөрдү караган Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун киргизсин:

– зергердик өндүрүшү үчүн жабдууларды жана технологияларды, реактивдерди жана жарым фабрикаттарды импорттоодо, ошондой эле чет өлкөлүк көргөзмөлөргө жана жарманкелерге катышуу үчүн зергердик буюмдарды ташып чыгарууда бажы жыйымдарын жана салыктарды төлөө боюнча жеңилдиктерди жана преференцияларды берүүнү;

– легалдаштыруу мезгилинде салык кызматынын органдары тарабынан жүргүзүлүүчү текшерүүлөргө мораторий белгилөө менен баалуу металлдардан жасалган зергердик буюмдардын мурда ташып киргизилген же өндүрүлгөн калдыктарын эки айдын ичинде легалдаштырууну;

– пробалык жыйымдын ставкаларын төмөндөтүү жөнүндө маселени кароо менен баалуу металлдардан жасалган зергердик буюмдардын ата мекендик өндүрүүчүлөрүнө тиешелүү пробаны ырастаган өзүнүн эн тамгасы менен пробалоо жана эн тамгасын басуу боюнча функцияларды (мамлекеттик пробалык эн тамгасын кошпогондо) ыктыярдуу негизде өткөрүп берүүнү;

– үч жылдык мөөнөткө жеке жана юридикалык жактарды автомототранспорт каражаттарын сатууда салыктарды төлөөдөн бошотууну;

– жеке ишкерлер катары катталгандарды кошпогондо, жеке жактарды 2026-жылдын 1-январына чейинки мезгилде автомототранспорт каражаттарын сатууда алынган кирешелер боюнча салыктарды, анын ичинде туумдардын жана санкциялардын суммаларын төлөө боюнча милдеттенмелерди аткаруудан бошотууну;

– Кыргыз Республикасынын ишканаларында чыгарылган жана/же чогултулган транспорт каражаттарын, ошондой эле алардын комплекттөөчүлөрүн саткан учурда сатуудан алынуучу салыкты төлөөдөн бошотууну;

– тигүү тармагынын субъекттери үчүн киреше салыгынын ставкаларын жана камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтерин төмөндөтүүнү;

– чакан жана орто ишкердиктин субъекттери үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтеринин ставкаларын азайтууну;

– Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жүзөгө ашырылуучу иш үчүн бирдиктүү салыктын ставкасын 0,1 пайыз өлчөмүндө белгилөөнү;

– чет мамлекеттин банкы аркылуу жүргүзүлүүчү транзакцияга салыктын ставкасын 0,1 пайыз өлчөмүндө белгилөөнү;

2) зергердик буюмдарды ата мекендик өндүрүүчүлөргө Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясынын фиксингинен 2 пайыз өлчөмүндө арзандатылган баа боюнча Кыргыз Республикасынын баалуу металлдар жана асыл таштар мамлекеттик фондунан чийки затка жеңилдетилген жеткиликтүүлүктү камсыз кылсын;

3) зергердик буюмдарды өндүрүүчүлөргө баалуу металлдарды түз келишимдин негизинде же товардык-чийки зат биржасы аркылуу 180 (бир жүз сексен) күнгө чейинки мөөнөткө төлөмдү кийинкиге жылдыруу менен кайра сатуу укугусуз чийки зат түрүндө сатууну жүзөгө ашырсын;

4) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, "Айыл Банк" жана "Элдик Банк" ачык акционердик коомдору менен макулдашуу боюнча зергерчилик өнөр жайынын субъекттерине жеңилдетилген кредит берүү механизмин карасын;

5) "Манас" эл аралык аэропортунда баалуу металлдардан жасалган зергердик жана башка буюмдарды пробалоо, талдоо жана мамлекеттик пробанын эн тамгасын басуу боюнча лабораторияны түзсүн жана ишин уюштурсун, ошондой эле Ош, Манас шаарларынын жана "Манас" эл аралык аэропорту" ачык акционердик коомунун өзгөчө укуктук режимдеги жана статустагы "Тамчы" атайын финансылык инвестициялык аймагында жайгашкан Ысык-Көл филиалынын аэропортторунда мындай лабораторияларды түзүүнүн максатка ылайыктуулугу жөнүндө маселени иштеп чыксын;

6) баалуу металлдардан жасалган ата мекендик зергердик буюмдарды сатуу рыноктерун кеңейтүү үчүн Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Баалуу металлдар жана асыл таштар менен операцияларды жүзөгө ашыруунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө макулдашууну аткаруунун алкагында эн тамгаларды өз ара таануу тууралуу маселени чечүүнү тездетсин;

7) зергерчилик тармагынын субъекттерине карата талаптардын кайталанышын болтурбоо максатында террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын аткаруунун алкагында маалыматтарды санариптик өз ара алмашуу системасын киргизүү жолу менен баалуу металлдардан жасалган зергердик буюмдарды сатуучулардан суралган маалыматтарды жана отчетторду интеграциялоону камсыз кылсын.

**2.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруунун контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**3.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 5-декабры, №350***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 4-МАЙЫНДАГЫ №241 "МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ СИСТЕМАСЫНЫН СУБЪЕКТТЕРИНИН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ ТАРТИБИН ЖАНА КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ АЛУУГА АДАМДЫН УКУГУН ЫРАСТООЧУ ДОКУМЕНТТЕРДИН ТИЗМЕГИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 4[1]-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 4-майындагы №241 "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасынын субъекттеринин өз ара аракеттенүү тартибин жана Квалификациялуу юридикалык жардам алууга адамдын укугун ырастоочу документтердин тизмегин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Квалификациялуу юридикалык жардам алууга адамдын укугун ырастоочу документтердин тизмегинде:

– төмөнкүдөй мазмундагы 19-пункт менен толукталсын:

"19. Майыптыгы бар балдардын ата-энелерине же камкорчуларына:

1) паспорттун же адамдын инсандыгын ырастаган башка документтин (анын ичинде "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматта) көчүрмөсү;

2) камкорчунун статусун ырастоочу документ;

3) баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн көчүрмөсү;

4) баланын майыптуулук тобун белгилөө жөнүндө медициналык-социалдык эксперттик комиссиянын корутундусунун көчүрмөсү;".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 5-декабры, №781***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КӨЗӨМӨЛ МИНИСТРЛИГИНИН ИШИ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 «2025–2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө» Жарлыгы менен бекитилген 2025–2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын (2025–2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I этап үчүн) 5-главасынын 1-пунктунун 2-пунктчасын ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №263 «Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги жөнүндө жободо:

– 15-пункт төмөнкүдөй мазмундагы он тогузунчу абзац менен толукталсын:

«– коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү жана иштөөсүн камсыз кылуу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;».

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №338 «Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Биотүрдүүлүктү сактоо жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары департаменти жөнүндө жободо:

– 23-пункт төмөнкүдөй мазмундагы он бешинчи абзац менен толукталсын:

«– коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү жана иштөөсүн камсыз кылуу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;»;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Экологиялык мониторинг департаменти жөнүндө жободо:

– 16-пункт төмөнкүдөй мазмундагы он биринчи абзац менен толукталсын:

«– коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү жана иштөөсүн камсыз кылуу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;»;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздук чөйрөсүндө мамлекеттик жөнгө салуу департаменти жөнүндө жободо:

– 18-пункт төмөнкүдөй мазмундагы он төртүнчү абзац менен толукталсын:

«– коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү жана иштөөсүн камсыз кылуу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;»;

4) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматы жөнүндө жободо:

– 18-пункт төмөнкүдөй мазмундагы он үчүнчү абзац менен толукталсын:

«– коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү жана иштөөсүн камсыз кылуу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;»;

5) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу «Кыргызгеология» мамлекеттик ишканасынын уставында:

– 33-пункт төмөнкүдөй мазмундагы $8^1$-пунктча менен толукталсын:

«$8^1$) коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү жана иштөөсүн камсыз кылуу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;»;

6) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу «Борбордук лаборатория» мамлекеттик ишканасынын уставында:

– 30-пункт төмөнкүдөй мазмундагы $8^1$-пунктча менен толукталсын:

«$8^1$) коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү жана иштөөсүн камсыз кылуу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;»;

7) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Кыргыз геология кызматы жөнүндө жободо:

– 20-пункт төмөнкүдөй мазмундагы он жетинчи абзац менен толукталсын:

«– коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү жана иштөөсүн камсыз кылуу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;».

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А. КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-декабры, №782***

## 2030-ЖЫЛГА ЧЕЙИН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КРИТИКАЛЫК МИНЕРАЛДАР СЕКТОРУН ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын критикалык минералдар секторун өнүктүрүү, экономиканын туруктуу жана диверсификацияланган өсүшүн камсыз кылуу, кен казуу тармагынын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу, заманбап кошумча нарк чынжырларын түзүү жана өлкөнүн ресурстук коопсуздугун чыңдоо максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасынын критикалык минералдар секторун өнүктүрүү программасы (мындан ары – Программа) 1-тиркемеге ылайык;

2) 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасынын критикалык минералдар секторун өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы (мындан ары – Иш-чаралар планы) 2-тиркемеге ылайык;

3) 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасынын критикалык минералдар секторун өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча ресурстук наркын баалоо форматы 3-тиркемеге ылайык;

4) 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасынын критикалык минералдар секторун өнүктүрүү программасын ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү жана баалоо индикаторлорунун матрицасы 4-тиркемеге ылайык.

**2.** Программа ишке ашырууга катышкан министрликтердин жана ведомстволордун бекитилген штаттык санынын чегинде жана тиешелүү жылга каралган каражаттардын чегинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка каражаттардын эсебинен ишке ашырылат.

**3.** Кыргыз Республикасынын министрликтери жана административдик ведомстволору:

1) ведомстволук иш-чаралар пландарын кабыл алуу менен Иш-чаралар планын өз убагында аткарууну жана Программанын индикаторлоруна жетишүүнү камсыз кылсын;

2) жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирбестен Иш-чаралар планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине берип турсун.

**4.** Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги ар бир жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 30унан кечиктирбестен Иш-чаралар планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына берип турсун.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А. КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-декабры, №783***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2020-ЖЫЛДЫН 29-МАЙЫНДАГЫ №278 “МАДАНИЯТ, ИСКУССТВО, МААЛЫМАТ ЖАНА КИНЕМАТОГРАФИЯ МЕКЕМЕЛЕРИНИН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ ҮЧҮН КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК ТАЛАПТАРДЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Тарыхый-маданий мурас объекттерин сактоо, реставрациялоо жана консервациялоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик мекеменин ишин оптималдаштыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 29-майындагы №278 “Маданият, искусство, маалымат жана кинематография мекемелеринин кызматкерлери үчүн квалификациялык талаптарды бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пункттун 18-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“18) Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигине караштуу “Кыргызреставрация” илимий-изилдөө долбоорлоо институту” мекемесинин, 18-тиркемеге ылайык;”;

2) жогоруда аталган токтомдун 18-тиркемесинде:

аталышында “, спорт” деген сөздөр алып салынсын;

– 1, 2-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Директор | Төмөнкү багыттар боюнча жогорку кесиптик билими: гуманитардык илимдер (анын ичинде тарых жана археология, маданият таануу), педагогикалык билими, экономика жана башкаруу, техникалык илимдер (архитектура жана курулуш), маданият жана искусство, бул чөйрөдө 5 жылдан кем эмес иш стажы же маданият жана искусство чөйрөсүндө жетекчилик кызмат орундарында 3 жылдан кем эмес иш тажрыйбасы. Окумуштуулук даражасынын болушу артыкчылык болуп саналат |
| 2. | Директордун илим боюнча орун басары | Төмөнкү багыттар боюнча жогорку кесиптик билими: реставрация жана реконструкциялоо, архитектура жана курулуш, гуманитардык илимдер (анын ичинде тарых жана археология, маданият таануу), адистиги боюнча 3 жылдан кем эмес иш стажы. Окумуштуулук даражасынын болушу артыкчылык болуп саналат |

”.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер**
**Кабинетинин Төрагасы А. КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-декабры, №784***

## ОШ ШААРЫНЫН АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН “АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНАН “КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ” КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Ош шаарынын Төлөйкөн айыл аймагында социалдык багыттагы объекттерди камтыган көп кабаттуу турак жай комплексин куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, “Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин экинчи бөлүгүнүн $12^1$, $12^2$-пункттарына, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Ош шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 26-сентябрындагы №823 токтомун, Ош шаарынын мэриясынын жер тилкелерин которуу (трансформациялоо) боюнча комиссиясынын 2025-жылдын 25-сентябрындагы корутундусун эске алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Ош шаарынын Төлөйкөн айыл аймагында №1309 контурда жайгашкан, Н.Ч. Сулаймановдун жеке менчигинде турган, жалпы аянты 2,7 га сугат жеринин жер тилкеси социалдык багыттагы объекттерди камтыган көп кабаттуу турак жай комплексин куруу үчүн “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери” категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Ош шаарынын мэриясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу пайдаланууну;

3) жогоруда аталган жер тилкесинин шаар куруу документтерин курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоо менен Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

4) өз каражаттарынын эсебинен аймактын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштөөсүн жана өнүгүүсүн уюштурууну, социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү;

5) аталган жер тилкесинде тарыхый-маданий мурас объекттери аныкталган учурда алардын Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык сакталышын;

6) автомобиль жолдорунун техникалык параметрлерин, “Автомобиль жолдору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин жана талаптарын сактоону;

7) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкеси пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда аны алып коюуну жана баштапкы абалга келтирүүнү караган чараларды көрүүнү;

8) айыл чарба жана токой чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайдасынын ордун толтуруу наркынын суммасын Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарында белгиленген ченемдерге ылайык төлөөнү;

9) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинин аянтын калыбына келтирүүнү, асылдуулугу төмөн жерлерге талдоо жүргүзүүнү жана аларды айыл чарба жүгүртүүсүнө киргизүүнү;

10) электр берүүнүн аба линияларын коопсуз жана талаптагыдай эксплуатациялоо үчүн тийиштүү коргоо аралыктарын 1000 вольттон жогорку чыңалуудагы электр тармактарын коргоо эрежелерине ылайык сактоону;

11) коомдук саламаттык сактоо жаатындагы ченемдик актыларды сактоону;

12) жамгырдын жана эриген кардын сууларын коопсуз буруу системасынын иштөөсүн, башкы пландагы жер титирөөгө каршы иш-чараларды жана тийиштүү аймакта кооптуу процесстерге жана кубулуштарга мониторинг жүргүзүү, божомолдоо боюнча колдонмону сактоону;

13) чарбалык жана башка ишти жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мыйзамдарына ылайык экологиялык талаптарды аткарууну.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А. КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-декабры, №785***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТЕСКЕМЕСИ

Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун аймагында жайгашкан уулуу коркунучтуу химиялык заттарды чыгаруу, зыянсыздандыруу жана утилдештирүү боюнча аварияга каршы биринчи кезектеги иштерди жүргүзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык:

**1.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги белгиленген тартипте:

1) Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Таш-Көмүр шаарындагы "Кристалл" ачык акционердик коомунун аймагында жайгашкан уулуу коркунучтуу химиялык заттарды чыгаруу, трансчек аралык алып өтүү, зыянсыздандыруу, утилдештирүү боюнча аварияга каршы биринчи кезектеги иштерди ушул тескеменин тиркемесине ылайык төмөнкүдөй мөөнөттөрдө жүргүзсүн:

– биринчи этап – 2026-жылдын 31-декабрына чейин;

– экинчи этап – 2027-жылдын 31-декабрына чейин;

2) бул тескеменин 2-пунктунда каралган, бөлүнгөн каражаттардын максаттуу пайдаланууну камсыз кылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине аварияга каршы иштердин биринчи этабы үчүн Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча атайын эсептин каражаттарынан 91 958 918 (токсон бир миллион тогуз жүз элүү сегиз миң тогуз жүз он сегиз) сом өлчөмүндөгү акча каражаттарын бөлсүн.

**3.** Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги белгиленген тартипте:

1) бул тескеменин 1-пунктунда көрсөтүлгөн иш-чараларда Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине толук көмөк көрсөтсүн;

2) 2026-жылы аварияга каршы иштердин экинчи этабы үчүн Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин атайын эсебинен акча каражаттарын бөлүүнү карасын.

**4.** Бул тескеменин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А. КАСЫМАЛИЕВ**

*Бишкек ш., 2025-жылдын 8-декабры, №1073-т*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТЕСКЕМЕСИ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 13-октябрындагы №282 "Учурдагы бюджеттик жылга республикалык бюджеттин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин чыгашаларын бөлүү боюнча чечимдерди кабыл алуу жана аткаруу тартибин убактылуу укуктук жөнгө салуу жөнүндө" Жарлыгынын 1, 2-пункттарына, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык:

**1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:

1) илимий мекемелердин кызматкерлеринин эмгек акысы жогорулагандыгына байланыштуу 2025-жылга республикалык бюджеттен төмөнкүлөргө каражаттарды бөлүп берсин:

– Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине 19 239 200 (он тогуз миллион эки жүз отуз тогуз миң эки жүз) сом өлчөмүндө;

– Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук илимдер академиясына 113 690 000 (бир жүз он үч миллион алты жүз токсон миң) сом өлчөмүндө;

2) "Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууда ушул тескемеден келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү эске алсын;

3) жаңы чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитетине ушул тескеменин аткарылышы жөнүндө маалымат берсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук илимдер академиясы ушул тескеменин 1-пунктунда көрсөтүлгөн финансылык каражаттарды максаттуу пайдаланууну камсыз кылсын.

**3.** Бул тескеменин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А. КАСЫМАЛИЕВ**

*Бишкек ш., 2025-жылдын 8-декабры, №1074-т*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2013-ЖЫЛДЫН 11-НОЯБРЫНДАГЫ №596 "ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ, УЮМДАРЫНДА КЕСИПТИК ПЕДАГОГДУК ЖАНА ОКУТУУ-МАШЫКТЫРУУ ИШИН ЖҮРГҮЗГӨН АДАМДАРДЫ ЭСЕПКЕ АЛЫП КАТТООНУН ТАРТИБИН, ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТТУН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ОРГАНЫНДА ЭСЕПКЕ АЛЫНЫП КАТТООДОН ӨТКӨНДҮГҮ ЖӨНҮНДӨ КҮБӨЛҮКТҮН ФОРМАСЫН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Документтерди карoo мөөнөттөрүн кыскартуу, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы №596 "Дене тарбия жана спорт мекемелеринде, уюмдарында кесиптик педагогдук жана окутуу-машыктыруу ишин жүргүзгөн адамдарды эсепке алып каттоонун тартибин, дене тарбия жана спорттун ыйгарым укуктуу органында эсепке алынып каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктүн формасын бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Дене тарбия жана спорт мекемелеринде, уюмдарында кесиптик педагогдук жана окутуу-машыктыруу ишин жүргүзгөн адамдарды эсепке алып каттоонун тартибинде:

– 4-пункттагы "30 календардык күндөн" деген сөздөр "15 календардык күндөн" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А. КАСЫМАЛИЕВ**

*Бишкек ш., 2025-жылдын 8-декабры, №786*

## БААЛУУ КАГАЗДАР РЫНОГУНУН КЕСИПКӨЙ КАТЫШУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН БЕЛГИЛЕНГЕН ӨЗДҮК КАРАЖАТТАРДЫН ЖЕТИШТҮҮЛҮГҮНҮН ЧЕНЕМДИК КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Финансылык уюмдардын финансылык туруктуулугунун, атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуу максатында, "Баалуу кагаздар рыногу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 41-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучулары үчүн белгиленген өздүк каражаттардын жетиштүүлүгүнүн ченемдик көрсөткүчтөрү жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучуларынын минималдуу уставдык капиталын түзүүнүн төмөнкүдөй мөөнөттөрү белгиленсин:

1) инвестициялык активдерди ишенимдүү башкаруу боюнча ишти жүзөгө ашырган:

– 2027-жылдын 1-январына чейин – 10 млн сом;

– 2028-жылдын 1-январына чейин – 15 млн сом;

2) дилердик ишти жүзөгө ашырган:

– 2027-жылдын 1-январына чейин – 3 млн сом;

– 2028-жылдын 1-январына чейин – 5 млн сом;

3) баалуу кагаздарга ээлик кылуучулардын реестрин жүргүзүү боюнча ишти жүзөгө ашырган:

– 2027-жылдын 1-январына чейин – 4 млн сом;

– 2028-жылдын 1-январына чейин – 6 млн сом;

4) инвестициялык фонддун ишин жүзөгө ашырган: – 2027-жылдын 1-январына чейин – 2 млн сом;

– 2028-жылдын 1-январына чейин – 3 млн сом.

**3.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 15-августундагы №467 "Баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучулары үчүн белгиленген өздүк каражаттардын жетиштүүлүгүнүн ченемдик көрсөткүчтөрү жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 10-июнундагы №334 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 15-августундагы №467 "Баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучулары үчүн белгиленген өздүк каражаттардын жетиштүүлүгүнүн ченемдик көрсөткүчтөрү жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 22-августундагы №478 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 15-августундагы №467 "Баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучулары үчүн белгиленген өздүк каражаттардын жетиштүүлүгүнүн ченемдик көрсөткүчтөрү жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна толуктоо киргизүү жөнүндө" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 26-августундагы №485 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтомунун 6-пункту;

5) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 13-январындагы №9 "Баалуу кагаздар рыногу чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө" токтомунун 2-пункту.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А. КАСЫМАЛИЕВ**

*Бишкек ш., 2025-жылдын 8-декабры, №787*

ЖАҢЫЛЫКТАР

### «ТООНУН САКЧЫЛАРЫ»




11-декабрда Бишкектеги М.В.Фрунзенин мемориалдык үй-музейинде Эл аралык Тоо күнүнө арналган «Тоонун сакчылары: NABU жана Кыргызстандын ак илбирсин коргоо» аттуу көргөзмө ачылат. Көргөзмөдө жапайы жаратылыштын уникалдуу сүрөттөрү, фото капкандардагы видеоматериалдар, куткарылган жаныбарлардын окуялары, илбирстин миграция картасы, аңсакчылардын талаа жаздуулары жана мультимедиялык инсталляциялар сунушталат.

### КЫТАЙГА МАГИСТРАТУРАГА КАБЫЛ АЛУУ БАШТАЛДЫ



Кытай Эл Республикасынын университетинде тарыхый-маданий мурастарды коргоо багытында квалификациялуу кадрларды даярдоо максатында магистратура программасы боюнча окууга кабыл алуу үчүн конкурс жарыяланды. Бул тууралуу Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги кабарлады. Маалыматка таянсак, окуунун шарттарына, акысыз билим алуу, ай сайын төлөнүүчү стипендия, жатаканада акысыз жашоо камтылган. Кытайга магистратурага тапшырууну каалагандар бакалавр дипломунун ээси жана англис же кытай тилин билүүсү шарт. Документтерди кабыл алуу 2025-жылдын 20-декабрына чейин уланат.

### НАВОИ КӨЧӨСҮНҮН ОҢДОЛГОН БӨЛҮГҮ ПАЙДАЛАНУУГА БЕРИЛДИ



Муниципалитеттен билдиришкендей, аталган көчөнүн Алымбек Датка көчөсүнөн Курманжан Датка көчөсүнө чейинки бөлүгүнө жаңы асфальт басылган.

Аталган көчө унаа кыймылы үчүн кеңейтилип, бардык нормаларга ылайыкталып жасалды. Эки тарабына жөө жүргүнчүлөр үчүн тротуарлар жана ирригациялык лотоктор курулду. Жол оңдоо иштери жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлдү.

Жолду мэр Жеңишбек Токторбаев аксакалдар, жашоочулар менен чогуу ачып берди.

**"Эркин-Тоо" пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО
№97 (3754)
2025-жылдын 9-декабры


## №16 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 30-сентябрындагы №272 "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө" Жарлыгы менен 2025-жылдын 30-ноябрына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындалган.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 10-октябрындагы №88 токтому менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо көп мандаттуу шайлоо округдарынын схемасы жана чек аралары бекитилген.

№16 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча шайлоону уюштуруу үчүн 82 шайлоо участогу түзүлгөн.

Округдагы шайлоочулардын тизмесине 133 744 шайлоочу киргизилген. Алардын ичинен добуш берүүгө 57 031 шайлоочу катышты, бул округдагы шайлоочулардын тизмелерине киргизилгендердин 42,64%ын түздү.

Округдун ичиндеги шайлоо участокторунда 50 018 шайлоочу добуш берди, бул округдагы шайлоочулардын тизмелерине киргизилгендердин 37,40%ын түздү.

7013 шайлоочу аралыктан добуш берди, бул округдагы шайлоочулардын тизмелерине киргизилгендердин 5,24%ын түздү.

№16 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына 10 талапкерди каттады. Мөөнөтүнөн мурда шайлоого 10 талапкер катышты.

№16 округдук шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 3-декабрындагы №16 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколуна ылайык талапкерлер төмөнкүдөй санда шайлоочулардын добуштарын алышты:

1. Жакышов Русланбек Шергазиевич – 8 872 добуш (15,76%);
2. Джумабеков Дастанбек Артисбекович – 12 928 добуш (22,97%);
3. Кайрылбекова Медина Кайрылбековна – 8 951 добуш (15,90%);
4. Биймырза уулу Азиз – 3 816 добуш (6,78%);
5. Сыйдалиева Мээрим Төрөбековна – 1 399 добуш (2,49%);
6. Чотонов Медер Осконбекович – 10 164 добуш (18,06%);
7. Расул кызы Миргүл – 2 662 добуш (4,73%);
8. Суюнбаев Медетбек Рысбекович – 546 добуш (0,97%);
9. Мураталиев Марат Молдонович – 5 005 добуш (8,89%);
10. Капалов Адылбек Эшимбекович – 1 275 добуш (2,27%);
11. "Баарына каршы" – 667 добуш (1,19%).

№16 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө Ыкчам аракеттенүүчү координациялык топко жалпы 6 арыз (даттануу) келип түштү.

Келип түшкөн бардык арыздар (даттануулар) каралды жана ар бир арыз (даттануу) боюнча чечимдер кабыл алынып, жазуу жүзүндөгү жооптор берилди.

Кабыл алынган чечимдер 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодогу даттануулардын жана мыйзам бузуулардын реестрине киргизилди (https://shailoo.gov.kg/ru/reestr-zhalob-i-narushenij-na-dosrochnyh-vyborah-deputatov-zhogorku-kenesha-kr-naznachennyh-na-30 noyabrya-2025-goda/).

№16 округдук шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 3-декабрындагы №16 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколунун негизинде, ички иштер органдарынын шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндөгү мыйзам бузуулар жөнүндөгү арыздар (даттануулар) жана билдирүүлөр боюнча көрүлгөн чаралар тууралуу маалыматтарын эске алып, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 37, 64-беренелерине ылайык, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** №16 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо болуп өттү деп таанылсын.

**2.** №16 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоонун натыйжалары жөнүндө протокол тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3.** Төмөнкү талапкерлер №16 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин шайланган депутаттары болуп таанылсын:
- Джумабеков Дастанбек Артисбекович;
- Чотонов Медер Осконбекович;
- Кайрылбекова Медина Кайрылбековна.

**4.** Ушул токтом "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**5.** Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 5-декабры, №162***

**2025-жылдын 30-ноябры**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо**

## №16 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоонун натыйжалары жөнүндө

### ПРОТОКОЛ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы түздөн-түз №16 округдук шайлоо комиссиясынан келип түшкөн протоколдордун негизинде, аларда камтылган маалыматтарды кошуу жолу менен, аныктады:

| № к/н | Саптардын аталышы | Сандык маалыматтар (сан жана жазуу менен) | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1.** | Шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны | 0 | 1 | 3 | 3 | 7 | 4 | 4 | Жүз отуз үч миң жети жүз кырк төрт |
| **2.** | Шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын жалпы саны (2 = 2а + 2б + 2в), (2 ≥ 4 + 5) | 0 | 0 | 5 | 7 | 0 | 3 | 1 | Элүү жети миң отуз бир |
| 2а | Добуш берүү үчүн жайда шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны | 0 | 0 | 4 | 9 | 8 | 5 | 0 | Кырк тогуз миң сегиз жүз элүү |
| 2б. | Добуш берүү үчүн жайдан тышкары шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны **(жарактуу көчмө үкөктөр боюнча)** | 0 | 0 | 0 | 0 | 1 | 6 | 8 | Жүз алтымыш сегиз |
| 2в. | Добуш берүү үчүн жайдан тышкары шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны **(жараксыз көчмө үкөктөр боюнча)** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | Нөл |
| **3.** | Жараксыз көчмө үкөктөрдөн алынган шайлоо бюллетендеринин саны | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | Нөл |
| **4.** | Жарактуу шайлоо бюллетендеринин саны | 0 | 0 | 5 | 6 | 2 | 8 | 5 | Элүү алты миң эки жүз сексен беш |
| **5.** | Жараксыз шайлоо бюллетендеринин саны **(жараксыз көчмө үкөктөрдөн алынган бюллетендер эсепке алынбайт)** | 0 | 0 | 0 | 0 | 7 | 4 | 6 | Жети жүз кырк алты |
| **6.** | Аралыктан добуш берүүнү эсепке алганда, бузулган шайлоо бюллетендеринин ордуна берилген шайлоо бюллетендеринин саны | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 5 | 5 | Элүү беш |

| **7. Округдун номери** | | **Талапкердин аты-жөнү (добуш берүү бюллетенинде көрсөтүлгөн тартипте)** | **Аралыктан добуш берген шайлоочуларды эсепке албаганда, шайлоо участкаларында берилген шайлоочулардын добуштарынын саны** | | | | | | **Аралыктан берилген шайлоочулардын добуштарынын саны** | | | | | | **Шайлоочулардын добуштарынын жалпы саны** (сан жана жазуу менен) | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **№16 округ** | 1. | Жакышов Русланбек Шергазиевич | 0 | 0 | 7 | 9 | 2 | 0 | 0 | 0 | 0 | 9 | 5 | 2 | 0 | 0 | 8 | 8 | 7 | 2 |
| | 2. | Джумабеков Дастанбек Артисбекович | 0 | 1 | 1 | 1 | 4 | 6 | 0 | 0 | 1 | 7 | 8 | 2 | 0 | 1 | 2 | 9 | 2 | 8 |
| | 3. | Кайрылбекова Медина Кайрылбековна | 0 | 0 | 8 | 1 | 8 | 2 | 0 | 0 | 0 | 7 | 6 | 9 | 0 | 0 | 8 | 9 | 5 | 1 |
| | 4. | Биймырза уулу Азиз | 0 | 0 | 3 | 1 | 5 | 3 | 0 | 0 | 0 | 6 | 6 | 3 | 0 | 0 | 3 | 8 | 1 | 6 |
| | 5. | Сыйдалиева Мээрим Төрөбековна | 0 | 0 | 1 | 2 | 1 | 6 | 0 | 0 | 0 | 1 | 8 | 3 | 0 | 0 | 1 | 3 | 9 | 9 |
| | 6. | Чотонов Медер Осконбекович | 0 | 0 | 9 | 0 | 5 | 8 | 0 | 0 | 1 | 1 | 0 | 6 | 0 | 1 | 0 | 1 | 6 | 4 |
| | 7. | Расул кызы Миргүл | 0 | 0 | 2 | 2 | 9 | 8 | 0 | 0 | 0 | 3 | 6 | 4 | 0 | 0 | 2 | 6 | 6 | 2 |
| | 8 | Суюнбаев Медетбек Рысбекович | 0 | 0 | 0 | 4 | 7 | 1 | 0 | 0 | 0 | 0 | 7 | 5 | 0 | 0 | 0 | 5 | 4 | 6 |
| | 9 | Мураталиев Марат Молдонович | 0 | 0 | 4 | 3 | 8 | 9 | 0 | 0 | 0 | 6 | 1 | 6 | 0 | 0 | 5 | 0 | 0 | 5 |
| | 10 | Капалов Адылбек Эшимбекович | 0 | 0 | 1 | 1 | 5 | 2 | 0 | 0 | 0 | 1 | 2 | 3 | 0 | 0 | 1 | 2 | 7 | 5 |
| | № | **«Баарына каршы»** позициясына берилген шайлоочулардын добуштарынын саны | 0 | 0 | 0 | 3 | 8 | 3 | 0 | 0 | 0 | 2 | 8 | 4 | 0 | 0 | 0 | 6 | 6 | 7 |

**«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 64-беренесине ылайык добуш берүүгө катышкан тиешелүү көп мандаттуу шайлоо округунун шайлоочуларынын эң көп сандагы добуштарын алган төмөнкү талапкерлер көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин шайланган депутаттары болуп таанылсын.**

**1.** Джумабеков Дастанбек Артисбекович – 12 928 добуш (22,97%)

**2.** Чотонов Медер Осконбекович – 10 164 добуш (18,06%)

**3.** Кайрылбекова Медина Кайрылбековна – 8 951 добуш (15,90%)

**Протокол 2025-жылдын «_______» _______________ саат _____ _____ түзүлдү.**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫТАЙЛЫКТАР КУРУЛУШ, ТҮРКИЯЛЫКТАР ТАМАК-АШ ТАРМАГЫНА



Коомчулукта Кыргызстанга пакистандык жана бангладештик мигранттар көп келет деген пикир бар. Бирок, андай эмес. Бул тууралуу Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин миграция саясаты бөлүмүнүн башчысы Майрамбек Бейшенов ММКлардын бирине маек берип жатып билдирди. Анын айтымында 2025-жылга карата 42 миң чет өлкөлүк жаранга квота бекиген. Миграциялык процесстер көзөмөлдө. "Учурда 690 миңге жакын кыргызстандык чет мамлекетте эмгектенип жатат. Кыргызстандыктар көбүнчө Россияда, Америкада жана Түркия мамлекеттеринде жүрүшөт. Ал эми Кыргызстанга Пакистан, Бангладештен көп мигранттар келип жатканы айтылып келет. Бирок, андай эмес. Өлкөбүзгө Кытай, Түркия жана КМШ өлкөлөрүнөн мигранттар көп келишет", - деди Бейшенов. Ал Кытайдан курулуш, жол салууга, Түркиядан тамак-аш тармагына көп киши келип жатканын кошумчалады.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

---

**Общество с ограниченной ответственностью "М-САР"**
*(ГРН 174024-3308-ООО, ОКПО 29335493, ИНН 01005201810344)*
*местонахождение: г. Бишкек, Первомайский район, ул. Панфилова, д. 188/1 (далее – Общество),*
**объявляет о добровольной ликвидации.**

Заявления/требования Кредиторов принимаются **в течение двух месяцев** со дня публикации по адресу: **720017, город Бишкек, Ленинский район, улица Боконбаева, д.197, кв. 16, телефон: +(996 555/777) 456-182; e-mail: 0777456182@mail.ru.**

Н-877

---

## «Кайыңды-Кант» ААКсы

облигациялар боюнча чегерилген кирешелерди билдирет

**Чыгарылышынын номери:** 28.10.2024-ж. KG 0201069323 энчилүү пайыздык облигациялардын 4-мөөнөтүнө биринчи чыгарылыш;
**Кирешелүүлүк деңгээли:** 18,0%
**Облигациянын номиналдык баасы:** 1000 сом
**Киреше төлөөнүн башталышы:** 2025-жылдын 16-декабрында
**Баалуу кагаз ээлеринин тизмесин түзүү күнү:** 12-декабрь 2025-жыл
**Төлөм формасы:** накталай акча
**Төлөм дареги:**
Пайыздар облигация ээсинин берген арызына ылайык банк эсебине которуу жолу менен төлөнөт же **720001, Бишкек ш., Чүй пр. 219/1 (9-кабат)** дареги боюнча жайгашкан "Сенти ФК" ЖЧКсынын кеңсесинде жүргүзүлөт. **Тел.: +996 (312) 61-00-25.**

## ОАО "Каинды-Кант"

уведомляет о начисленных доходах по облигациям

**Номер выпуска:** Первая эмиссия за 4-й процентный период по именным процентным облигациям, KG 0201069323 от 28.10.2024 г.;
**Ставка доходности:** 18,0%
**Номинальная стоимость облигации:** 1 000 сом
**Дата начала выплаты дохода:** 16 декабря 2025 года
**Дата составления списка владельцев ценных бумаг:** 12 декабря 2025 года
**Форма выплаты:** денежные средства
**Место выплаты:**
Выплата процентов будет осуществляться путем перечисления денежных средств на банковский счет держателя облигаций, согласно поданного им заявления, либо в офисе ОсОО ФК «Сенти», по адресу: **720001, г. Бишкек, пр. Чуй, 219/1 (9 этаж), тел.: +996 (312) 61-00-25.**

---

***Кудураев Нургазы Хамыталиевичке таандык жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы №588303 (25.04.2022-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 042

---

***Ак-Суу районунун Хан-Теңир айыл аймагынын Ново-Вознесеновка айылынын тургуну Жузумкулов Казым Кадыкеевичке тиешелүү №23 контурунан 2,04 га жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-876

---

***Баткен районунун Чек айылынын тургуну Мовлянов Жалалидин Ниматиллаевичке таандык жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №1010171 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 007

---

***Исабекова Нургүл Абдыкадыровнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №107752 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М.Б.

---

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

КЫРГЫЗ БАНКЫ

### Oracle маалымат базаларынын лицензияларын техникалык колдоо кызматтарын сатып алуу үчүн республикалык ачык сынак өткөрөт.

Сынак боюнча документтер **2025-жылдын 16-декабрында саат 17.30га чейин** сынак документтерин кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу берилет.

Сынакка чейинки конференция **2025-жылдын 11-декабрында саат 11.00дө** өткөрүлөт. Конференцияга катышуу маселеси боюнча техникалык координаторго кайрылуу зарыл.

Сынак боюнча сунуштар **2025-жылдын 19-декабрында саат 14.00гө чейин Бишкек шаары, К. Акиев көчөсү, 89** дареги боюнча алынат.

Белгиленген убакыттан кийин тапшырылган сунуштар кароого алынбайт. Кароого Улуттук банктан кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде сынак документтерин алган катышуучулардын сунуштары кабыл алынат.

Сынак боюнча сунуштар катышуучулардын өкүлдөрүнүн катышуусунда **2025-жылдын 19-декабрында саат 14.00дө** каралат.

**Уюштуруу маселелери боюнча +996 (312) 66-91-53 телефон номери же tender@nbkr.kg электрондук почтасы аркылуу техникалык координаторго кайрылсаңыздар болот.**

---

## «Тепличный» ААК

***2025-жылдын 29-декабрында саат 10.00дө Бишкек шаары, Шабдан Баатыр проспекти, 68 дарегинде боло турган акционерлердин кезексиз жалпы чогулушун өткөрө тургандыгы жөнүндө кабарлайт.***

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Эсептөө комиссиясын шайлоо.
2. "Тепличный" ААКнын 28-октябрь 2025-жылдагы акционерлердин кезексиз жалпы чогулушунда (күн тартибиндеги 2-маселе катары) кабыл алынган "Коомду бөлүнүп чыгуу түрүндө кайра уюштуруу" чечимин алып таштоо тууралуу.
3. Коомдун атын "БРК Групп" ААК аталышына өзгөртүү жөнүндө.
4. Коомдун Уставдык капиталынын өлчөмүн көбөйтүү тууралуу.
5. Уставдык капиталдын өлчөмүн жана аталышын өзгөртүү менен Коомду кайра каттоодон өткөрүү жөнүндө.
6. "Тепличный" ААКнын Уставын күчүн жоготту деп таануу жөнүндө.
7. Коомдун Уставынын жаңы редакциясын бекитүү тууралуу.
8. Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө.
9. Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо тууралуу.

Чогулушка катышууга укугу бар акционерлердин тизмесин түзүү күнү – **2025-жылдын 1-декабры.**
Каттоо **саат 9.00дө** башталат.
Акционерлердин өзүлөрүндө паспорту, ал эми акционерлердин өкүлдөрүндө тастыкталган ишеним каты жана паспорту болууга тийиш.
Чогулуштун материалдары менен төмөндөгү даректен: **Бишкек шаары, Шабдан Баатыр проспекти, 68 же 36-35-43 телефону** аркылуу таанышууга болот.

С/О 234

## ОАО «Тепличный»

***сообщает о проведении внеочередного общего собрании акционеров, которое состоится 29 декабря 2025 года в 10.00 ч. по адресу: г.Бишкек, пр.Шабдан Баатыра, 68.***

**ПОВЕСТКА ДНЯ:**

1. Избрание счетной комиссии.
2. Об отмене решения «О реорганизации Общества в форме выделения», принятого на внеочередном общем собрании акционеров ОАО «Тепличный» 28 октября 2025 года (вопрос 2 повестки дня).
3. Об изменении наименования Общества на ОАО «БРК Групп».
4. Об увеличении размера Уставного капитала общества.
5. О перерегистрации Общества в связи с изменением наименования и размера Уставного капитала.
6. О признании утратившим силу Устава ОАО «Тепличный».
7. Об утверждении Устава Общества в новой редакции.
8. О досрочном прекращении полномочий членов Совета директоров.
9. Об избрании членов Совета директоров.

Дата составления списка акционеров, имеющих право на участие в собрании – **1 декабря 2025 года.**
Начало регистрации **в 9.00 ч.**
Акционерам необходимо иметь при себе паспорт, а представителям акционеров – оформленную доверенность и паспорт.
С материалами собрания можно ознакомиться по адресу: **г.Бишкек, пр. Шабдан Баатыра, 68 или по тел: 36-56-43.**

---

***Өзгөн районунун тургуну Шарипов Хусниддин Шахабидиновичке тиешелүү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 28714959 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 196

---

***Курманбаева Фарида Садыбакасовнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 30038514 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 095

---

## ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

***Эралиев Качкынбай Калыковичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү сериясы Н-О №000020, идентификациялык коду 3-04-03-0007-0241, 3-04-03-0006-0221 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Д-05

---

***Абылов Кубат Нуралиевичке тиешелүү Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы тарабынан берилген адвокаттык күбөлүгү №587 (берилген күнү 23.09.2023-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Д-05

---

***Ташбаев Пазилбай Эргешовичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт сериясы ЧN№864930, идентификациялык коду 3-02-08-1003-0146 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Д-05

---

***В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок серия Ч №113233 на имя Мамбетакунова Максата Исагуловича считать недействительным.***

П/П 025

---

***Кара-Кулжа районунун Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн Ылай-Талаа айылынын тургуну Токтомушова Сулайка Султановнага таандык сериясы Ч №1108883, идентификациялык коду 5-11-13-0225-1923 жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 063

---

***В связи с утерей удостоверения на право временного пользования земельным участком серия В №050912 (от 12.01.2011 г.) и договор купли-продажи №3003 (от 04.12.2014 г.) на имя Мерезанова Азамата Айтбаевича считать недействительными.***

М/б

---

***Бакыт уулу Нурланга тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 30236303 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М/б

---

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Русаков Александр Витальевич код ОКПО 29563511 считать недействительным.***

Н-874

---

***Мукамбет уулу Нуркалыйга тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 31333913 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-875

## ЖАК «ОКСУС Микрофинансылык Компаниясы»

### Акционерлердин кезексиз жалпы чогулушунун чечимдери

- Жалпы чогулуштун күнү: 01.12.2025
- Жалпы чогулуштун түрү: кезексиз
- Жалпы чогулуштун формасы: биргелешкен катышуу
- Жалпы чогулуштун өтүүчү жери: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Матросов көч., 150
- Жалпы чогулуштун кворуму: 100%

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Эсептөө комиссиясынын функцияларын коомдун көз карандысыз реестрине жүктөө.
2. Коомдун уставдык капиталынын өлчөмүн көбөйтүү.
3. Коомдун он үчүнчү чыгарылыштагы акцияларын чыгаруунун жана жайгаштыруунун шарттарын аныктоо.
4. Акцияларды кошумча чыгаруунун натыйжасында акцияларды акционерлердин арасында бөлүштүрүү жана аларды жайгаштыруу.
5. Коомдун Уставын жаңы редакцияда бекитүү.
6. Коомду мамлекеттик кайра каттоого Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан макулдук алуу жана Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында коомду мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүү.

**Төмөнкү чечимдер кабыл алынды:**

**Биринчи маселе боюнча:** Эсептөө комиссиясынын функциялары коомдун көз карандысыз реестрине жүктөлсүн. - Макул 262 677 добуш – 100%;

**Экинчи маселе боюнча:** Коомдун уставдык капиталынын өлчөмү көбөйтүлсүн. - Макул 262 677 добуш – 100%;

**Үчүнчү маселе боюнча:** Коомдун он үчүнчү чыгарылыштагы акцияларын чыгаруунун жана жайгаштыруунун шарттары аныкталсын. - Макул 262 677 добуш – 100%;

**Төртүнчү маселе боюнча:** Акцияларды кошумча чыгаруунун натыйжасында акциялар акционерлердин арасында бөлүштүрүлсүн. - Макул 262 677 добуш – 100%;

**Бешинчи маселе боюнча:** Коомдун Уставы жаңы редакцияда бекитилсин. - Макул 262 677 добуш – 100%;

**Алтынчы маселе боюнча:** Коомду мамлекеттик кайра каттоого Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан макулдук алынсын жана Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында Коом мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүлсүн. - Макул 262 677 добуш – 100%.

## ЗАО «МИКРОФИНАНСОВАЯ КОМПАНИЯ ОКСУС»

### Решения внеочередного общего собрания акционеров

- Дата проведения общего собрания: 01.12.2025
- Вид общего собрания: внеочередное
- Форма проведения общего собрания: очная
- Место проведения общего собрания: Кыргызская Республика, г. Бишкек, ул. Матросова, 150
- Кворум общего собрания: 100%

**ПОВЕСТКА ДНЯ:**

1. О возложении функций счетной комиссии на независимого регистратора Общества.
2. Увеличение размера уставного капитала Общества.
3. Определение условий выпуска и размещения тринадцатого выпуска акций Общества.
4. Распределение акций среди акционеров в результате дополнительного выпуска акций и их размещения.
5. Утверждение Устава Общества в новой редакции.
6. Получение согласия Национального банка Кыргызской Республики на государственную перерегистрацию Общества и проведение государственной перерегистрации Общества в органах юстиции Кыргызской Республики.

**Приняты следующие решения:**

**По первому вопросу:** Возложить функций счетной комиссии на независимого регистратора Общества. - За 262 677 голосов – 100%;

**По второму вопросу:** Увеличить уставный капитал Общества. - За 262 677 голосов – 100%;

**По третьему вопросу:** Определить условий выпуска и размещения тринадцатого выпуска акций Общества. - За 262 677 голосов – 100%;

**По четвертому вопросу:** Утвердить распределение акций среди акционеров по результатам дополнительного выпуска акций. - За 262 677 голосов – 100%;

**По пятому вопросу:** Утвердить Устав Общества в новой редакции. - За 262 677 голосов – 100%;

**По шестому вопросу:** Получить согласие Национального банка Кыргызской Республики на государственную перерегистрацию Общества и проведение государственной перерегистрации Общества в органах юстиции Кыргызской Республики - За 262 677 голосов – 100%.

## 13 января 2026 г. в 10.00 ОАО «Чакан ГЭС» проводит конкурсные торги по повторной реализации следующего транспортного средства:

| № | Наименование | Стартовая стоимость |
|---|---|---|
| 1 | Лот №1 -Toyota Camry 35, г/н 08KG327 AC 2005 г.в., V-2,4 м³. | 376 430 сом |

Прием и регистрация заявок претендентов на покупку автомашин производится **до 10.00 часов 13 января 2025 г.** по адресу: **Кыргызская Республика, г.Бишкек, Свердловский район, ул. Суворова, 113. в Отдел закупок и материально-технического снабжения (3 этаж).** В заявлении потенциальный покупатель должен указать: Ф.И.О. покупателя, контактный телефон, марку автомашины с указанием государственного номера, предлагаемую цену на нее и приложить копию паспорта, платежку оплаты ГОКЗ-2% в запечатанном конверте для ОАО «Чакан ГЭС». Оплатить «Гарантийное обеспечение конкурсной заявки – **2%**. Гарантийное обеспечение конкурсной заявки должно оставаться в силе в течение 20 календарных дней. Вскрытие предложений состоится **13 января 2026 г. в 10.00 часов,** по адресу: **Кыргызская Республика, г. Бишкек, Свердловский район, ул. Суворова, 113, ОЗиМТС–3 этаж.** Победителями будут признаны претенденты, предложившие наибольшую цену, а при равности предложений, победителями будут признаны претенденты, подавшие заявки ранее. Расходы, связанные с оформлением автомашины в соответствующих органах несет покупатель.

**Вопросы по тел.: (0555) 00-33-05.**
**Дополнительная информация о данном конкурсе опубликована Фэйсбук: chakanges.kg, Инстаграм: @chakangeskg.**

### ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Хон Андрей Геннадьевич код ОКПО 24566054 считать недействительным.***

Н-873

***Сыдыкбеков Улан Асанбаевичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №659115 (20.04. 2016-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М.б.

***В связи с утерей тех. паспорта недвижимого имущества №7-04-02-0001-0138 на имя Боженко (Баркманн) Маргариты Абрамовны считать недействительным.***

М.б.

***Жумабаев Аманбек Ишенбаевичке таандык мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 29712276 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 592

***Досболова Мухлисахан Мамасабыровнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 31131492 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М/б

***Токтосунов Алмазбек Кыдырбековичке тиешелүү диплом сериясы №CD110136901 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-872

## Отчет ОАО «МФК «АБН»

***о выплате дохода по облигациям первого транша пятого выпуска (рег.№ KG 0205211517 от 19.08.2024 г.) за пятый процентный период, установленная дата выплаты с 2 декабря 2025 г.***

| | |
|---|---|
| Общее количество владельцев облигаций (физ. и юр. лица) | 91 |
| Общая сумма начисленных доходов (сом) | 1 800 000,00 |
| Общее количество владельцев облигаций, получивших доходы (физ. и юр. лица) | 86 |
| Сумма выплаченных доходов, в сомах | 1 725 750,00 |
| Сумма не выплаченных доходов, в сомах | 74 250,0 |
| Количество владельцев облигаций, по которым не выплачены доходы (физ. лица) | 5 |
| Количество облигаций, по которым не выплачены доходы (экз.) | 330 |
| Причина невыплаты | не востребованы инвестором* |

* Причина невыплаты и предполагаемая дата выплаты: На дату предоставления отчета проценты не востребованы инвесторами. Выплата процентов будет производиться по мере их явки в ОАО "МФК "АБН", предполагаемая дата выплаты: с даты востребования.

**Начисленные и (или) выплачиваемые (выплаченные) доходы по ценным бумагам эмитента.**

## ОАО «МФК «АБН»

***объявляет о выплате доходов за одиннадцатый процентный период по именным процентным облигациям по четвертому траншу четвертого выпуска (KG 0204211518).***

**Объявленная дата выплаты 15 декабря 2025 г.**

- Номинальная стоимость облигации – **5 000 сом**
- Размер дохода на одну облигацию (4 выпуск) – **19%**

Список владельцев облигаций, имеющих право на получение процентного дохода, определяется на дату **12 декабря 2025 г.**

Форма выплаты – **денежные средства.**

Выплата процентов будет осуществляться путем перечисления денежных средств на банковский счет держателя облигаций, согласно поданного им заявления, либо в офисе ОАО «МФК «АБН» по адресу: **г. Бишкек, ул. Юсупа Абдрахманова, 136.**

**Справочная информация по тел.: 51-11-51 или 2810; www.abn.kg**

Четвертый выпуск облигаций ОАО «МФК «АБН» зарегистрирован Службой регулирования и надзора за финансовым рынком при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики 11 января 2023 г. (KG 0204211518).

***В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок №227709 на имя Атанаева Султанбека Ашимбаевича считать недействительным.***

П/П 954

ЭРКИН-ТОО
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети

Биздин реквизиттер: р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

Башкы редактор
КАРБОСОВА Жазгүл Жузуповна

Кабылдама 62-38-75

Башкы редактордун 1-орун басары КАЛЫКОВ Шекербек – 62-38-77

Башкы редактордун орун басары РЫСПАЕВ Курманбек – 62-38-78

Жооптуу катчы КУЛАТАЕВА Бактыгүл – 62-38-71

Бөлүмдөр:
Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-18-64
Жарнама жана аймактар менен иштөө бөлүмү – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87
Веб-сайт – 62-38-71
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66

"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

АЙМАКТАР:
Баткен облусу (0772) 07-60-60
Жалал-Абад облусу (0772) 12-82-67
Талас облусу (0700) 90-62-61
Ысык-Көл облусу (0702) 87-98-79
Чолпон-Ата шаары (0500) 20-89-70
Токтогул шаары (0220) 70-71-32

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

Биздин дарегибиз:
Бишкек шаары, 720040, Абдумомунов көчөсү, 193.

erkintoo@mail.gov.kg

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592

Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

Индекси: 68451

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Буйрутма 592. Нускасы 5517
Басууга 08.12.2025-ж. саат 20.00дө берилди
Сатык келишим баада

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ЖАҢЫЛЫКТАР

## БОРБОРДОГУ КӨЧӨЛӨРДҮН АТАЛЫШЫ ӨЗГӨРӨБҮ?




Бишкек шаарынын мэриясы кайталанган аталыштарды жоюу максатында бир катар көчөлөрдүн аттарын өзгөртүү долбоорун коомдук талкууга чыгарды.

Документке ылайык, төмөнкү көчөлөрдүн аталыштарын өзгөртүү сунушталууда:

Михаил Фрунзе көчөсүн, Дэн Сяопин, Чүй, Шабдан баатыр проспектилерин — Чүй проспектиси; 7-Апрель жана Курманжан датка көчөлөрүн — Курманжан датка көчөсү; Жайыл баатыр жана Кайыков көчөлөрүн, Абсамат Масалиев жана Аалы Токомбаев проспектилерин — Токомбаев проспектиси; Анварбек Чортеков жана Кривоносов көчөлөрүн — Абсамат Масалиев көчөсү; Лев Толстой, Путепроводный жана Сары-Өзөн көчөлөрүн — Шабдан баатыр көчөсү; Чыңгыз Айтматов проспектисин жана Манас көчөсүн — Чыңгыз Айтматов проспектиси; Жаш Гвардия проспектисин жана Махатма Ганди көчөсүн — Иманалы Айдарбеков көчөсү; Селекционный жана Муромский көчөлөрүн — Махатма Ганди көчөсү; Юлиус Фучик көчөсүн жана Васильевский трактынын — Манас көчөсү; Жибек Жолу жана Жеңиш көчөлөрүн — Жибек Жолу проспектиси; Максим Горький жана Анкара көчөлөрүн — Анкара көчөсү; Чалагыз Иманкулов жана Карыбек Тыналиев көчөлөрүн — Тыналиев көчөсү; Байтик баатыр, Жусуп Абдрахманов, Абдынасыр Элебесов жана Борбордук көчөлөрүн — Жусуп Абдрахманов көчөсү; Береговый, Окраинный, Көк-Сай, Курманалиев жана Набережный көчөлөрүн — Дэн Сяопин көчөсү; Исхак Раззаков (Новопавловка) жана Асипа Темирова көчөлөрүн — Анварбек Чортеков көчөсү; Виноградный көчөсүн — Лев Толстой көчөсү; Николай Гоголь (Новопавловка) көчөсүн — Чалагыз Иманкулов көчөсү; Ленский жана Юбилейный көчөлөрүн — Жайыл баатыр көчөсү деп өзгөртүү сунушталууда.

## БИШКЕКТЕГИ КАРА АЛТЫНДЫН ДАРЕКТЕРИ



Учурда Бишкектин райондорунда калкка кара отун сатуу үчүн көмүр базалары жана бир катар стационардык сатуу пункттары иштеп жатат. Бул тууралуу мэриядан билдиришти.

Көмүр сатылып жаткан даректер:

**Свердлов районунда калкка көмүр төмөнкү көмүр базаларынан сатылат:** Достоевский көчөсү, 1.

**Мындан тышкары, стационардык көмүр сатуу пункттары бар:**

Лебединовка муниципалдык аймактык башкармалыгы, Жеңиш проспектиси, 23; Жеңиш проспектиси, 289; Биримдик-Кут конушу, 26-контур; Төмөнкү Ала-Арча муниципалдык аймактык башкармалыгы, Кыргыз көчөсү, 1/а; Кыргыз көчөсү, 8, 10, 12, 20 жана 24; Келечек конушу, Түндүк айланма жол; Төмөнкү Ала-Арча конушу, Кыргыз көчөсү, 16; Ак-Жар конушу, Түндүк айланма жол, 1604-контур; Дордой-2 конушу, Түндүк айланма жолу, 963-контур; Төмөнкү Ала-Арча конушу, Курманалиев/Элебесов көчөлөрүнүн кесилиши.

**Ленин районундагы көмүр базалары:**

Мурман көчөсү, 126; Мурман көчөсү, 122, 122а — Береке ЖЧКсы; Мурман көчөсү, 1б — Беш-Сары ЖЧКсы; Алыкулов көчөсү, 3; Дэн Сяопин проспектиси, 308/4 — "Болотбеков" жеке ишкер; Б. Алыкулов көчөсү, 6б — "Абиев Нурлан" жеке ишкер;

**- Коргоо министрлигинин көмүр базасы:**

Дэн Сяопин көчөсү, 306; Б. Алыкулов көчөсү, 1д/1; Ак-Ордо конушу, Аят көчөсү, 2 (Э. Иманалиев көчөсүнүн кесилиши), 98-контур; Новопавловка, Фрунзе көчөсү, 345

**Биринчи май районунда көмүр сатылган даректер:**

- Пригородное айылы, Юбилейная көчөсү, 50; Озерное айылы, Школьная жана Фрунзе көчөлөрүнүн кесилиши; Озерное айылы, Школьная көчөсү, 3; Щербаков көчөсү, 121; Калыс-Ордо конушу, айланма жол; Жаш Гвардия бульвары, 174; Дача-СУ, Трикотажник көчөсү, 2.

**Октябрь районунда көмүрдү төмөнкү даректерден сатып алууга болот:**

- Анкара жана Достоевский көчөлөрүнүн кесилиши; Көк-Жар айылы, 20-квартал, 7-апрель көчөсү, №32, Мадиев көчөсү, 38; Көк-Жар конушу, Полевая көчөсү, 1/7; Кара-Жыгач конушу, Оберон жана Сары-Өзөн көчөлөрүнүн кесилиши; Рухий Мурас конушу, Анкара жана Первая көчөлөрүнүн кесилиши.

## БАШКЫ БАЛАТЫ КАЧАН ЖАНАТ?

Өлкөбүздүн башкы балатысы салттуу түрдө 15-декабрда Ала-Тоо аянтында жанат. Балатынын бийиктиги 32 метрди, ал эми жылдызы менен кошо 35 метрди түзөт. Жаңы жылдык кооздукка 2 миң даана көк жана күмүш түстөгү шарлар илинет. Ошондой эле аянтта өлкөдөгү эң чоң муз аянтчасын ачууга даярдык көрүлүүдө. Анын аянты 1500 чарчы метрди түзүп, фонтандардын айланасына куюлат. Шаардын борборунда салттуу "Түндүк жаркыргы" жаңы жылдык жарманкеси да уюштурулат. Аянтты жасалгалоону каржылоо экинчи жыл катары менен шаардык бюджеттин эсебинен эмес, бардык иштерди бизнес-структуралар өз каражаттарына, анын ичинде коммуналдык кызматтардын акысын төлөө менен жүргүзүшөт. Өткөн жылы компаниялар 26 млн сомго жакын каражат жумшашкан, ал эми быйыл муз аянтчасын кеңейтүү жана майрамдык иш-чаралар үчүн жабдууларды жаңыртуу эсебинен инвестициянын суммасы андан да жогору болоору күтүлүүдө.

## МАЛ БАЗАР КҮТҮҮСҮЗ ТЕКШЕРИЛДИ

Президенттин Чүй облусундагы өкүлү Азамат Осмонов дем алыш күнү таңкы саат 6да Токмок шаарындагы мал базарга күтүүсүз барып, текшерүү жүргүздү. Текшерүүнүн максаты - базардагы соода шарттарын, санитардык абалды жана ветеринардык көзөмөлдү текшерүү болгон. Текшерүүнүн натыйжасында бир катар олуттуу кемчиликтер аныкталган. Базарды жеринде көргөн Азамат Осмонов аны "аймакты уятка калтыргыдай абалда" деп баалап, тиешелүү кызматтарга тапшырмаларды берди. Базардын санитардык абалын жакшыртуу, адам жана мал өтмөктөрүн кеңейтүү, ветеринардык көзөмөлдү толук калыбына келтирүү, жолдорду оңдоо жана соода жүргүзүүгө коопсуз шарттарды камсыздоо сындуу бардык иштер ал өзүнүн жеке көзөмөлүндө болорун белгиледи.

## КООМДУК ТАЛКУУГА КОЮЛДУ

"Айдоочуларды даярдоо боюнча башталгыч кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын бекитүү жөнүндө" буйруктун долбоору коомдук талкууга чыгарылды. Буйруктун долбоору "Билим берүү жөнүндө" мыйзамды, ошондой эле Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы "Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомун аткарууга багытталат. Аталган долбоор айдоочуларды даярдоо боюнча билим берүү процессин бирдиктүү стандарттарга алып келүү жана окутуунун сапатын жогорулатуу максатын көздөйт.

## ЭЛ АРАЛЫК СЫНАКТАН УТКАН МУГАЛИМДЕР

Кыргызстанда иштеген орусиялык мугалим Андрей Дубик "Чет өлкөдөгү мыкты орус мектеби" эл аралык сынагынын жеңүүчүлөрүнүн бири болду. Ал "Мыкты предметтик педагог" наамын жеңип алды. Дубик Нарын шаарындагы мектепте информатика сабагын окутат. Мындан тышкары Кыргызстандын куржунунда дагы эки байге (2-орун) бар: Юлия Кузнецова — "Улуттук мектептин мыкты педагогу" номинациясы. Ольга Алаева, Екатерина Захаренко жана Александр Стрелковский (КРСУнун жалпы орто билим берүү мектебинин мугалимдери) — "Орус мектептеги мыкты педагогикалык жамаат" наамына татыктуу болушту. Бул жылы сынакка 36 өлкөдөн 1400дөн ашык адам катышкан. Сынак Орусиянын агартуу министрлигинин Эл аралык кызматташтык борбору тарабынан орус тилин үйрөнүү программаларын ишке ашырган же орус тилинде окутууну жүргүзгөн ар кайсы өлкөлөрдүн билим берүү уюмдары жана педагогдору үчүн бешинчи жолу өткөрүлүүдө.

## ЖАШ ВЕТЕРИНАРЛАРДЫ КОЛДОО

Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги жаш адистерди колдоо үчүн "Жаш ветеринар: турак жай жана карьера" аттуу пилоттук программа ишке киргизилерин билдирди. Ушул тушта буга байланыштуу өкмөттүн токтомунун долбоору даярдалып жатканы маалымдалды. Бул программа негизинен алыскы жана шарты катаал аймактардагы мал догдурлар таңкыстыгын жоюуга багытталат. "Программага бир жылда 60 жаш адис катыша алат жана алар кеминде 5 жыл иштеп берүү тууралуу милдеттеме алат. Анда айлык акысын жогорулатуу, ипотекага баштапкы төлөм чогултуу үчүн депозитке ай сайын каражат топтоо, батир ижарасына кенемте төлөп берүү же кызматтык турак жай менен камсыз кылуу каралган. "Турак жай + карьера" модели региондорду жаш ветеринарлар менен камсыз кылып, мамлекеттик ветеринардык кызматтын сапатын жогорулатууга, биокоопсуздукту бекемдөөгө жана айылдардын социалдык-экономикалык абалын оңдоого багытталган" - деп жазылган. Учурда өлкөдө мамлекеттик кызматкер катары 639 ветеринардык инспектор иштейт. Ал эми райондук, шаардык башкармалыктар менен түзүлгөн келишимдин негизинде эмгектенген 1145 жеке ветеринардык адис бар.

## АТ ҮСТҮНДӨГҮ МИЛИЦИЯ ЭМНЕ КЫЗМАТ АТКАРАТ?



Бүгүнкү күндө өлкөнүн атчан патруль кызматында жалпы 43 милиция кызматкери жана 32 кызматтык аттар бар. Бул тууралуу Бишкек шаардык ички иштер башкы башкармалыгынын Милициянын кайгуул күзөт кызмат полкунун командири, милициянын полковниги Канатбек Жумаев ММКлардын бирине маек куруп жатып билдирди. Анын айтымында, атчан патруль кызматкерлери тоолуу, автоунаа бара албай турган аймактарда жана сейил бактарда коопсуздукту сактайт. Мындан тышкары ал менен түз байланышта болуп, туристтик жайларда тартипти камсыздайт. Ошондуктан жай мезгилинде күчөтүлгөн тартипте иштешет. Жарандар же эс алып келген коноктор кырсыкка кабылып, жаракат алса биринчи жардам көрсөтө алышат. Бул үчүн алар атайын окутулат жана жанында дайыма медициналык топтому болот. Негизинен бул кызматка айылда чоңоюп, атка жакын өскөн жигиттер дайындала алат. Жогорку окуу жайды, орто мектепти бүтүргөндөр да арыз берсе болот. Азыр 27 талапкердин документи каралууда. Эгер алар ишке кабыл алынса, ат үстүндөгү милициянын катарын 60ка чейин көбөйтүү каралууда. Бул тартип сакчылары милициянын орто мектебинде үч айлык окуудан өтүп, андан соң сынак аркылуу жумушка кабыл алынат. Аттар да өзүнчө каралып, кызматкерлер өздөрү машыктырып, багып, ишке даярдайт. Алардын абалы, курагы, чыдамкайлыгы маанилүү.

## АКШдан КЕЛГЕН АКЧА

2025-жылдын январынан сентябрь айына чейин Кыргызстан АКШдан 13,8 миллион доллардан ашык акча которууларды алган. Бул тууралуу Улуттук банк билдирди. Эске салсак, 2024-жылы АКШдагы жеке адамдардан Кыргыз Республикасына чек ара аркылуу акча которуулардын көлөмү 54,9 миллион долларды түзгөн. Эң жогорку көрсөткүчтөр 2008-жылдан 2011-жылга чейин катталган, ал кезде АКШдан жылдык акча которуулар 60 миллион доллардан ашкан.

## КӨПЧҮЛҮК АЙМАКТАРДА КАР ЖААЙТ



Өзгөчө кырдаалдар министрлиги 9-декабрга карата аба ырайы тууралуу маалымат менен бөлүштү.

Ага ылайык, бүгүн өлкөнүн көпчүлүк аймагында кар жаап, абанын температурасы төмөндөйт. Батыштан соккон шамалдын ылдамдыгы секундуна 4-9 метрге, айрым жерлерде 15-20 метрге жетет.

Абанын температурасы Чүй облусунда 0... +5, Талас облусунда 0... +5, Баткен, Ош, Жалал-Абад облустарында +1... +6, Ысык-Көл облусунда +1... +6, Нарын облусунда -2... +3 градус болот.

Бишкек шаарында абанын табы +3... +5 градусту түзөт. Ошондой эле айрым жерлерде туман түшүшү мүмкүн. Министрлик мындай аба ырайында узак жолго чыккандарга жылуу кийинип, жанына тамак-аш ала жүрүүнү сунуштайт.

**"Эркин-Тоо" пресс**